# ХИЗБУТ-ТАХРИР ТҮШҮНҮКТӨРҮ

**ХИЗБУТ-ТАХРИР
БАСЫЛМАЛАРЫНАН
1373-х. – 1953-м.**

**Аяттын которулган мааниси**

Ушул нерсени этибарга алуу керек, Куран аяты деп, анын араб тилиндеги текстине карата айтылат. Ал эми, бул китептин ичинде *курсив* менен кыргыз тилинде келтирилген текст болсо, аяттардын которулган мааниси болуп эсептелет.

ﷺ - соллаллоху алайхи ва саллам

رضي الله عنه - розияллоху анху /анха

عليه السلام - алайхис-салам

Такийюддин Набахоний “Хизбут-Тахрир түшүнүктөрү”
Кыргыз тилиндеги бешинчи басылышы
1432-хижрий – 2011-миладий жыл

بسم الله الرحمن الرحيم

# ХИЗБУТ-ТАХРИР ТҮШҮНҮКТӨРҮ

XII хижрий (XVIII миладий) кылымдын ортолорунан тартып Ислам дүйнөсү өз деңгээлинен төмөндүк түпкүрүнө коркунучтуу түрдө тездик менен кулап барууда.

Аны ойготуу үчүн, же анын кулап баруусун токтотуу үчүн бир канча урунуулар жүзөгө келгенине карабастан, алардын бири да ийгиликке жетише албады. Ислам дүйнөсү дагы деле башаламандык жана төмөндүк караңгылыгында тентиреп жүрөт. Ал дагы деле төмөндүк, туруксуздук кыйынчылыктарын тартып келет.

Бул төмөн кулоонун бирден бир себеби Исламды түшүнүүдөгү зээндерде орношуп калган оор алсыздык болуп саналат. Бул алсыздыктын себеби болсо, VII хижрий кылымдан тартып Исламды түшүнүүдө жана жеткирүүдө араб тилине көңүл бурбагандыктын айынан араб тилинин кубатын исламий кубаттан ажыратып коюу болду. Эми Ислам тили болгон араб тилин Исламдын ажыралгыс бөлүгүнө айлантуу менен араб тилинин кубатын Ислам кубатына бириктирип жибермейинче, мусулмандарды төмөндүк өз түпкүрүнө тарта берет. Себеби, Исламды толук (камил) жеткирүү кубатына ээ болгон жана Ислам кубаты менен биригип кеткен жападан-жалгыз тил – бул араб тили. Бул тилге көңүл бурбай коюу менен шариятта ижтихад жоголот. Шариятта ижтихад бир гана араб тили менен болот. Себеби, араб тили ижтихаддагы негизги шарт болуп эсептелет. Ижтихад Үммөт үчүн зарыл. Себеби, үммөттүн алдыга жылуусу бир гана ижтихад аркылуу болот.

Мусулмандарды Ислам негизинде ойготуу үчүн кылынган урунуулардын ийгиликсиздикке учурагандыгынын себептери үчөө:

Биринчиси – ойгонуу ишин алып баруучулар тарабынан исламий фикраттын тунук түшүнүлбөгөндүгү;

Экинчиси – бул фикратты жүзөгө ашыруудагы Ислам тарыйкатынын аларда толугу менен ачык-айкын болбогондугу;

Үчүнчүсү – алардын Ислам фикратын Ислам тарыйкаты менен ажыралгыс кылып бекем байлап албагандыктары.

Ислам фикратына келсек, анын көптөгөн назик жактарын көпчүлүк мусулмандарга түшүнүксүз кылып койгон күңүрттөшүү факторлору жүзөгө келди. Бул күңүрттөшүү факторлору хижраттын экинчи кылымынын баштарынан тартып колонизаторлук келгенге чейин болгон. Индия, фарс жана грек философиялары сыяктуу чет элдик (ажнабий) философиялар кээ бир мусулмандарга таасир эткен эле. Бул таасир аларды Ислам менен ошол философиялардын ортосун ылайыкташтырууга мажбур кылды. Негизи, алар менен Исламдын

ортосунда бүтүндөй карама-каршылык бар эле. Мындай ылайыкташтырууга урунуулар айрым исламий акыйкаттарды зээндерден алыстаткан жана аларды түшүнүүнү алсыраткан бурмалоолорго (таъвил) жана чечмелөөлөргө (тафсир) алып барды. Мунун үстүнө, Исламга – ага карата душмандыгы бар жана аны жаман көргөн кээ бирөөлөр – мунафиктик менен кирип келди. Мунун Исламга андан болбогон, балким, ага бүтүндөй тескери болгон түшүнүктөрдүн жашыруун кирип келишине таасири болду. Мындай абал көпчүлүк мусулмандардын Исламды чие түшүнүшүнө алып барды. Кийинчерээк, VII хижрий кылымга келип, Исламды жаюуда араб тилине көңүл бурбагандык буга кошумча болду. Ушулардын бардыгы мусулмандардын төмөндөшүүсүнөн кабар берер эле. Буга XI хижрий (XVII миладий) кылымдын аяк чендеринен тартып, Батыш тарабынан алып барылган жана азырга чейин улантылып келе жаткан сакофий, миссионердик чабуулдар, кийинчерээк саясий чабуулдар кошумча болду. Бул болсо какаганга муштагандай болуп, Исламий коомдогу мурунку чиеликтерге кошумча жаңы чиелик болду. Булардын баары мусулмандардын исламий фикратты ката элестетүүлөрүнө (тасавур) күчтүү таасир этти. Ошентип, Ислам фикраты зээндерде чыныгы тунуктугун жоготту.

Ал эми, Исламий тарыйкатка келсек, мусулмандар аны даана элестетүүнү аста-секин жоготушту. Илгери мусулмандар алардын бул турмушта жашоолору жалаң Ислам үчүн болушун; мусулмандардын жашоодогу милдети – Исламий даъватты алып баруу экендигин; Исламий Мамлекеттин милдети болсо – ичкериде Исламды колдонуп, анын өкүмдөрүн ишке ашыруу, тышкарыда болсо, Исламий даъватты алып баруу жана мунун тарыйкаты мамлекет ишке ашыра турган жихад экендигин билишер эле. Кийинчерээк, мусулмандын милдети обооолу мал-дүйнө табуу, андан кийин – шарт туура келип калса – үгүт-насаат (ваъз-иршад) кылуу деп биле турган болуп калышты. Мамлекет да Ислам өкүмдөрүн аткаруудагы кайдигерлигин жана Исламды жаюу үчүн Алла жолунда жихад кылбай коюуну айып деп сезбей калды. Анткени менен, мейли, алсыз жана суз болсо да, алардын өз мамлекети бар эле. Бирок, мусулмандар муну да жоготуп алышты. Ушундан соң, мусулмандар Исламдын кайтып келиши мечиттер куруу, китептер басып чыгаруу жана адеп-ахлакка тарбиялоо менен ишке ашат деп ойлой турган, куфрдун алар үстүнөн кожоюндук кылып колония кылышына унчукпай карап тура турган болуп калышты.

Бул фикрат жана тарыйкат жаатында болду. Ал эми, бул экөөсүн бири-бирине байлоо маселесине келсек, мусулмандар проблемалардын чечимине (муалажатуль-мушкул) т.а. фикратка тиешелүү шаръий өкүмдөргө көңүл буруп, бирок, бул чечимдердин кандай ишке ашышына т.а. тарыйкатты баян кылып бере турган өкүмдөргө көңүл бурбай коюшту. Мусулмандар арасында өкүмдөрдү аны ишке ашыруу

тарыйкатынан бөлүп үйрөнүү күчөдү. Алар намаз, орозо, нике, талак өкүмдөрүн үйрөнүп, ал эми, жихад, олжо, халифалык, казылык, хирож жана башка ушул сыяктуу маселелердин өкүмдөрүн үйрөнүүгө көңүл бурбай коюшту. Муну менен фикратты тарыйкаттан ажыратып салышты. Натыйжада, тарыйкаттан ажыратып коюлган фикратты ишке ашыруу мүмкүн болбой калды.

Булардын бардыгына, XIII хижрий (XIX миладий) кылымдын акырына келип, исламий шариятты коомго колдонуунун жолун туура эмес түшүнүү кошулду. Натыйжада, Ислам азыркы коомго ылайык келиши үчүн, анын нусустары (аят, хадистер) өздөрү көтөрбөй турган маанилер менен тафсир кылына баштады. Негизи, коомго ылайыкташтыруу үчүн Исламды тафсир кылууга урунбастан, Исламга ылайык келүүсү үчүн коомду өзгөртүш керек эле. Себеби, маселе мындай болчу, биерде бирер мабда негизинде оңдолушу (ислах) көздөлгөн бузук коом бар эле. Демек, мабданы ал кандай болсо ошол бойдон колдонуу керек болчу жана коомду бүтүндөй ушул мабда негизинде түп-негизинен өзгөртүү керек эле. Тактап айтканда, оңдоочулар коомго, доорго, мезгил жана мекенге карабастан, Ислам өкүмдөрүн ал кандай келген болсо ошол бойдон колдонуулары керек эле. Бирок, алар минтишкен жок. Балким, Ислам өкүмдөрүн ушул доорго ылайыкташтыруу үчүн аларды бурмалашты. Алар куллий жана жузъий маселелерде да ушундай каталыкка шуңгуп кетишти. Алар ушул көз карашка ылайык келе турган куллий коидаларды жана жузъий өкүмдөрдү иштеп чыгышты. Т.а. алар «Замандын өзгөрүшү менен өкүмдөрдүн өзгөрүшү инкар кылынбайт», «Адат өкүмдар» деген ж.б.у.с. бир нече ката куллий коидаларды кабыл алышты. О.э. шарият тарабынан бирер негизге ээ болбогон өкүмдөргө, а түгүл, Курандын катъий нусустарына тескери болгон өкүмдөргө да фатва беришти. Мисалы, эки эсе эместигин жана жетимдин мал-мүлкүн көбөйтүү зарылдыгын далил (хужжат) кылып, аз проценттүү сүткорлукка (риба) уруксат беришти. «Шаръий казы» деп аталган казы жетимдер фондусунда сүткорлукка уруксат бере баштады. О.э. «низомий казы» деп аталган казы да сүткорлукка уруксат бере турган болду. Хаддарды (шарият белгилеген жаза-чараларды) токтотууга фатва чыгарып, жаза мыйзамдарын исламий болбогон булактардан алууга уруксат беришти. Ошентип, алар «доорго ылайык келүүчүлүктү» жана «шарияттын ар бир доор, заман жана ар бир жерге туура келишинин зарылдыгын» далил кылып, шариятка тескери өкүмдөрдү чыгарышты. Мунун натыйжасында, Ислам турмуштан алыстатылды. Ислам душмандары бул чиеленишкен түшүнүктөрдүн, бузук өкүмдөрдүн жардамында мусулмандарга өз мыйзам (конун) жана идеологияларын (мабда) киргизишти. «Ислам ар кандай заманга жана ар кандай жерге ылайык келет» деген чиеленишкен түшүнүк мусулмандардын зээндеринде орношуп калгандыктан, алар душмандардын мабда жана мыйзамдарынан өз диндерине болгон эч

кандай тескериликти көрүшпөдү. Ислам мабдасына жана анын көз карашына карама-каршы келсе да, ар кандай агымга, мабдага, окуя жана коидага ылайык келиши үчүн, Исламды бурмалоо көпчүлүктүн тилинен түшпөй калды. Мындай абал Исламды турмуштан алыстатууга жардам берди. Ошондуктан, мындай туура эмес түшүнүктөрдүн негизинде кылына турган ар кандай оңдоп-түзөтүү (ислах) аракеттеринин ийгиликсиздикке учурашы анык эле.

Жыйырманчы кылымдын баштарына келип, бул иштерге Ислам менен турмуштун ортосундагы тоскоолдуктарды бекемдеген факторлор келип кошулду жана булар исламий аракеттердин (кыймыл) алдындагы кыйынчылыктарга дагы башка кыйынчылыктарды кошумча кылды. Мунун себеби мындайча болгон, мусулмандарга, айрыкча, аалымдарга жана таалим алуучуларга ошол кезде үч нерсе үстөм келген:

Биринчиси – алар Ислам динин Исламдын үйрөнүү тарыйкатына тескери түстө үйрөнүшөр эле. Себеби, Исламдын үйрөнүү тарыйкаты мындайча: Шарият өкүмдөрү мамлекетке тиешелүү иштерде мамлекет тарабынан, жеке адамдарга тиешелүү болгон иштерде жеке адам тарабынан турмушта колдонулуу үчүн амалий (иш жүзүнө ашырыла турган) маселелер катары үйрөнүлөт. Ошондуктан, фикх уламалары фикхке «Тафсилий далилдерден истинбат кылына турган, амалий шаръий маселелерди билүү» деп аныктама беришкен. Мындайча үйрөнүү үйрөнүүчүдө илимди, коомдо мамлекет жана жеке адамдын амалий активдүүлүгүн пайда кылат. Бирок, бул аалым жана таалим алуучулар, балким, көпчүлүк мусулмандар, Исламды назарий (теориялык) философия катары куру назарий илим үчүн гана үйрөнүштү. Натыйжада, фикхий өкүмдөр хаялий (кыялдагы) назарий илимге айланып калды. Шарият болсо, турмуш проблемаларын чече турган өкүмдөр катары эмес, балким рухий, ахлакый маселелер катары үйрөнүлө баштады. Булар үйрөнүү тарыйкатында кетирилген каталар эле.

Исламга даъват кылуу жаатында болсо, ага Ислам талап кылган таалим тарыйкаты эмес, балким, миссионерлер колдоно турган үгүт-насаат тарыйкаты үстөм келер эле. Муну менен Исламды үйрөнүүчүлөр кыймылдоочу китеп катары таасирсиз аалымдарга, же коомго эч кандай таасири жок тажатма хутбаларды кайра-кайра кайталаган насаат айтуучуларга айланып калышты. Алар Ислам негизинде тарбиялоонун маанисин түшүнүп жетишпеди. Ал эми, Ислам негизинде тарбиялоонун мааниси – бул мусулмандарга алардын туйгуларына таасир эте турган жана аларды Алланын азабы жана каарынан коркута турган көрүнүштө диндериндеги иштерди үйрөтүү эле. Муну менен мусулман, Алланын аяттарын үйрөнүү жана үйрөтүү тарыйкатынын натыйжасында, туйгулары акылына байланышкан кезде, таасир этүүчү күчкө айланат. Ооба, алар муну түшүнүп жетишпеген эле. Алар таасирдүү терең үйрөтүү тарыйкатынын ордуна тайыз, эскилиги жеткен маъруза-баяндарга

чектелген үгүт-насаат тарыйкатын колдонушту. Ушул себептен улам, Ислам дини менен коом проблемаларын дабалоонун ортосунда бири-бирине ылайыкташтырууга муктаж боло турган карама-каршылык же карама-каршылыкка окшош нерсе бардай көрүнүп калды. Натыйжада, заманга ылайык болушу үчүн Исламды бурмалоо адамдар арасында адаттагы ишке айланып калды.

Мунун үстүнө алар Алла Тааланын:

﴿وَمَا كَانَ ٱلۡمُؤۡمِنُونَ لِيَنفِرُواْ كَآفَّةٗۚ فَلَوۡلَا نَفَرَ مِن كُلِّ فِرۡقَةٖ مِّنۡهُمۡ طَآئِفَةٞ لِّيَتَفَقَّهُواْ فِي ٱلدِّينِ وَلِيُنذِرُواْ قَوۡمَهُمۡ إِذَا رَجَعُوٓاْ إِلَيۡهِمۡ لَعَلَّهُمۡ يَحۡذَرُونَ﴾

***«Момундардын бардыгы** (жихадга) **чыгуулары шарт эмес. Акыры алардагы ар бир жамааттан бир тайпа адамдар** (жихадга) **чыгып,** (калгандары) **динди үйрөнүп,** (жихадга кеткен) **коомдору кайтып келгенде, өздөрү үйрөнгөн нерселерди аларга дагы үйрөтүшсө болбойбу?».*** **[9:122]**

- деген аятын туура эмес түшүнүп, бул аятты «ар бир жамааттан бир тайпа динди үйрөнүп, кайра келип элине үйрөтүү үчүн илим алганы чыгыш керек» маанисинде тафсир кылышты. Муну менен динди үйрөнүүнү фарзы кифаяга айландырып, аяттын маанисине да, шаръий өкүмгө да тескери иш кылышты.

Ал эми, шаръий өкүм болсо мындай эле, ар бир балагатка жеткен (баалиг) акылга ээ (акл) мусулман өз турмушунда туш келе турган иштердин диндеги өкүмүн билиши керек. Себеби, ал бардык иш-амалдарын Алланын буйрук (амр) жана кайтаруулары (нахий) негизинде жүргүзүүгө буйрулган. Мунун бирден-бир жолу – амалдарга тиешелүү шаръий өкүмдөрдү үйрөнүү. Ушуга негизделип, мусулман үчүн турмуш майданында зарыл болгон диндеги өкүмдөрдү үйрөнүү фарзы кифая эмес, фарзы айн болот. Ал эми, шаръий өкүмдөрдү истинбат кылуу үчүн ижтихад кылуу болсо фарзы кифая. Аяттын маанисине тескери иш кылгандыктарына келсек, жогорудагы аят жихад аяты болуп, ал мындай маанини берет:

«Мусулмандардын бардыгы тегиз жихадга чыгуулары мүмкүн эмес. Бир жамаат жихадга чыгып, башкалары Расул ﷺдан дин өкүмдөрүн үйрөнүү үчүн калышса болбойбу? Мужахиддер кайтканда болсо, калгандары мужахиддер үйрөнө албай калган Алланын өкүмдөрүн аларга таасир эте турган сүрөттө үйрөтүшсүн». Сахабалардын (Алла алардан ыраазы болсун) дин өкүмдөрүн үйрөнүүгө жана Расул ﷺ менен бирге болууга умтулуулары ушуга далалат кылат. Т.а. алардын айрымдары сарияларда (кичи кошуундарда) жихадга чыгышчу эле, калгандары дин өкүмдөрүн үйрөнүү үчүн калышчу эле. Мужахиддер кайтканда, калгандары алар үйрөнө албаган өкүмдөрдү аларга үйрөтүшөр эле.

Экинчиси, Исламды жана мусулмандарды жек көргөн кектүү Батыш Ислам динине чабуул жасай баштады. Бир жактан аны айыптап, ага жалган жалаа жабыштыра баштаган болсо, экинчи жактан турмуш проблемаларынын туура чечими болгон Ислам өкүмдөрүнүн кээ бирлерин жаман кылып көрсөтө баштады. Мусулмандардын, айрыкча, таалим алуучулардын бул чабуул каршысындагы абалдарына алсыздык үстөм келер эле. Себеби, алар Исламды айыптуу сезип, аны коргой башташты. Бул болсо, аларды Ислам өкүмдөрүн бурмалоо жолундагы урунууларга алып барды. Мисалы, алар жихадды «кол салуу согушу эмес, бул коргонуу согушу» деп бурмалашып, жихаддын акыйкатын туура эмес баяндашты. Негизи болсо, жихад исламий даъват алдына бөгөт болуп турган ар кандай күчкө – ал баскынчы болсо да, баскынчы болбосо да – каршы алып барыла турган согуш эле. Башкача айтканда, жихад – бул Ислам даъватынын алдында турган ар кандай тоскоолдукту жок кылуу, же Исламга даъват кылуу жана даъват жолунда т.а. Алла жолунда согушуу дегени. Мусулмандар Фарс, Рум, Мисир, Түндүк Африка, Андалусия (Испания) жана башка өлкөлөрдө Ислам даъваты Исламды жаюу үчүн жихадды талап кылгандыктан, ал жерлерге чабуул кылышкан. Алардын жихадга берген жогорудагы таъвилдери ката болуп, бул ката Исламды айыптуу деп сезүүлөрүндөгү алсыздыктан жана айыптоочуларды ыраазы кылуу даана көрүнүп турган сүрөттө Исламды коргоодон келип чыкты. О.э. көп аялдуулук, уурунун колун кесүү жана мындан башка бир нече маселелерде мусулмандар кафирлерге каршы жооп бермекчи болушуп, Исламга тескери түстө Исламды бурмалоого уруна башташты. Ушулардын бардыгы себептүү, мусулмандар Исламды туура түшүнүүдөн, мунун айынан болсо Ислам иш жүзүндө колдонулуудан узакташты.

Үчүнчүсү: көптөгөн исламий өлкөлөрдөн Исламий Мамлекеттин бийлиги жоголуп, алар куфр өкүмдарлыгына моюн сунушту, андан соң Исламий Мамлекет кулап, анын бүтүндөй жок кылынышынын натыйжасында, мусулмандар Исламий Мамлекеттин жүзөгө келишин жана жалгыз Ислам менен гана өкүм жүргүзүлүшүн элестете албай калышты. Ошондуктан, алар Алла түшүрбөгөн өкүмдөр менен башкарылууга ыраазы боло баштады. Ислам менен өкүм жүргүзүлбөсө да, кайсы бир иште Исламдын аты эле сакталып келе жаткан болсо болду, бул иштеги зыянды эч көрүшпөс эле. Исламды турмушта колдонууга жардам берүүлөрү үчүн башка агым (мазхаб) жана идеология (мабда)лардан пайдалануу зарылдыгына чакырышчу эле. Натыйжада, Исламий мамлекетти кайта тикелөө үчүн иш алып барууга моюн толгоо жана мусулмандарга мусулмандар колу менен куфр өкүмдөрүнүн колдонулушуна унчукпай карап туруу пайда болду.

Жогоруда айтып өтүлгөн иштердин айынан, мусулмандарды ойготуу үчүн жана Исламдын улуулугун кайра калыбына келтирүү үчүн кылынган

оңдоп-түзөтүү аракеттеринин бардыгы ийгиликсиздикке учурады. Ушундай болушу табигый эле. Себеби, алар исламий кыймылдар болгону менен, бирок, Исламды туура эмес түшүнгөндүктөрү себептүү чиеликтерди көбөйтүп, проблемаларды чиелеништирип жиберишер эле, Исламды коомдо колдонууга аракет кылуунун ордуна, коомду Исламдан узакташтырар эле.

Мына ошондуктан, Исламды фикрат жана тарыйкат катары түшүнүп, ал экөөсүн бир-бирине байланыштыра ала турган, исламий өлкөлөрдүн биринде исламий турмушту жаңыдан баштоо үчүн иш алып бара турган исламий кыймыл зарыл болуп калды. Муну менен, бул өлкө исламий даъват келип чыга турган башталгыч чекит болуп, андан соң ал Исламга даъват кылуунун аракет чекити болуп калмак.

Мына ушуга негизделип, Хизбут-Тахрир жүзөгө келди жана ал араб өлкөлөрүндө исламий жашоону кайра баштоо үчүн иш алып бара баштады. Мунун натыйжасында, табийгый түрдө, Исламдын таяныч чекити, улуу Исламий Мамлекеттин уругу боло турган бир же бир нече өлкөлөрдө Исламий Мамлекетти жүзөгө келтирүү аркылуу бүткүл ислам дүйнөсүндө исламий турмуш кайрадан башталат. Бул улуу Исламий Мамлекет исламий өлкөлөрдүн баарында Исламды толук колдонуу жана исламий даъватты бүткүл дүйнөгө алып чыгуу аркылуу исламий турмушту кайра баштайт.

Үйрөнүү, пикир жүргүзүү жана изденүүлөрдөн кийин, мына ушул Хизбут-Тахрир белгилүү бир шаръий өкүмдөрдү табанний кылды. Алардын айрымдары жеке адамдар (фард) ортосунда жана жеке адамдардын өз ара мамилелеринде пайда боло турган жекече проблемалардын чечимдерине тиешелүү өкүмдөр. Мисалы, дыйканчылык үчүн жерди ижарага берүүгө тыюу салынышы сыяктуу. Алардын айрымдары мусулмандар менен башкалардын ортосунда о.э. мусулмандардын башкалар менен кыла турган алакаларында пайда боло турган жалпы райларга тиешелүү өкүмдөр. Мисалы, мажбурий келишимдер түзүүнүн мүмкүндүгү, согушту баштоодон мурун Исламга даъват кылуу ж.б.у.с. Алардын кээ бири болсо пикирлерге тиешелүү болуп, булар дагы башка шаръий өкүмдөр сыяктуу эле шаръий өкүмдөр. Мисалы, «Важибди өтөө үчүн зарыл болгон иш да важиб» коидасына окшогон, «Шаръий өкүм – Шариънин пенделердин иштерине тиешелүү хытабы» деген шаръий өкүмдөр таърифине окшогон ж.б.у.с. куллий коидалар жана таърифтер сыяктуу. Хизб бул өкүмдөрдү табанний кылды жана – Исламга даъват кылуу менен бирге – аларга да даъват кыла баштады. Бул райлар, пикирлер жана өкүмдөрдүн бардыгы исламий, андан башкача эмес. Аларда Исламдан тышкары (гойри исламий) эч нерсе жок, алар Исламдан тышкаркы нерселердин эч биринен таасирленген да эмес. Балким, алар нукура исламий болуп, бир гана Ислам негиздерине жана нусустарына таянат. Хизб бул рай, пикир жана

өкүмдөрдө пикирге таянат жана Исламга даъват кылуу пикирге негизделип, пикирий жетекчилик катары алып барылышы керек деп эсептейт. Себеби, жаркын пикир – турмуш негизделе турган пикир. Адам да анын негизинде ойгонот. Жаркын пикир нерселердин акыйкатын көрсөтүп берет, натыйжада, алар туура түшүнүлөт. Пикир жаркын болушу үчүн, ал албетте терең болушу зарыл. Терең пикир дегени – бул нерселерге терең назар таштоо дегени. Жаркын пикир болсо, нерселерге, алардын акыбалдарына (ахвал) жана аларга алакадар (таълук) нерселерге терең назар таштоо жана туура натыйжаларга жетүү үчүн бул назар таштоону далил кылып келтирүү. Башкача айтканда, жаркын пикир – бул нерселерге терең, андан соң жаркын назар таштоо. Ошондуктан, аалам, адам жана тирүүлүккө терең жана жаркын назар таштоо зарыл. Адам менен анын иштерине терең жана жаркын назар таштоо зарыл. Мына ошондо бул иштерге тиешелүү өкүмдөрдү түшүнүү мүмкүн болот.

Аалам, адам жана тирүүлүккө терең назар таштоо алар жөнүндөгү куллий түшүнүктү берет жана адамдагы эң чоң түйүндү чечет. Мына ушул терең назар таштоо адамда акыйданы пайда кылат, ага жашоодон көздөлгөн максатты (гоя), ушул турмушта кыла турган иштерден көздөлгөн максатты белгилеп берет. Себеби, адам ушул ааламда жашап жаткан соң, адамга өзү жөнүндөгү, өзүндө болгон тирүүлүк жөнүндөгү, тирүүлүгү жана өзүнүн орду болгон аалам жөнүндөгү эң чоң түйүн чечип берилмейинче, ал өзү жүрүшү зарыл болгон турмуш жолун эч качан биле албайт. Ошондуктан, ар бир нерсенин негизи АКЫЙДА болуп эсептелет.

Аалам, адам жана тирүүлүккө терең жана жаркын назар таштоо Исламий Акыйдага алып барат. Натыйжада, алар Жаратуучунун махлук-жаратылмышы экендиги, аларды тартипке салып туруучу (тадбир) жана атайын белгиленген түзүмгө (низом) ылайык жүргүзүп, сактап туруучу зат мына ушул Жаратуучунун жалгыз Өзү экендиги даана көрүнөт. О.э. бул дүйнө турмушу азалий (башталышы жок) да, абадий (түбөлүктүү) да эместиги, балким, андан мурда бир Барлык бар болуп, ушул Барлык анын жаратуучусу (холик) жана башкаруучусу (мудаббир) экендиги, бул дүйнө турмушунан кийин да башка Жашоо бар болуп, ал кыямат күнү экендиги анык болот. О.э. адамдын бул дүйнө турмушунда кыла турган иштери Алланын буйрук-кайтарууларына ылайык жүргүзүлүшү керек экендиги, адам кыямат күнү т.а. эсеп-китеп кылына турган күнү ошол иштерине эсеп бериши анык болот. Ошондуктан, адам баласы Алланын элчиси саййидибиз Мухаммад ﷺ алып келген Алланын шариятына катуу баш ийиши керек.

Аалам, адам, тирүүлүккө терең жана жаркын назар таштоо, алар рух да эмес, материя менен рухтан куралган да эмес, балким, бир гана материядан тургандыгын көрсөтөт. Бул жерде материя дегенде сезиле

турган жана идирек кылына турган нерсе көздө тутулат. Бул орунда материяга «орун ээлеген жана салмакка ээ болгон нерсе» деп, же болбосо, «ачык же жашыруун абалдагы заряддалган кубат» деп аныктама берилишинин мааниси жок. Себеби, талкуу материянын акыйкаты (махияты) жөнүндө эмес, балким, аалам, тирүүлүк жана адамдын т.а. сезилип, идирек кылына турган ушул нерселердин жаратуучуга махлук экендиги жөнүндө болуп жатат. Бул жерде «рух» дегенде «жан» эмес, балким, Аллага болгон байланышты билүү көздөлүп жатат. Себеби, талкуу жан маанисиндеги рух жөнүндө эмес, балким, аалам, адам жана тирүүлүктүн биз сезе албаган затка т.а. жаратуучуга болгон байланышы жана ушул байланышты билүү жөнүндө болуп жатат. Т.а. бериле турган суроо мындай: аалам, тирүүлүк жана адамдын өз жаратуучусуна болгон байланышын билүү алардын тутумдук бир бөлүгүбү же жокпу?

Рух жан маанисинде эмес, балким, Аллага болгон байланышты билүү маанисинде деген этибар менен – адам, тирүүлүк, ааламга терең жана жаркын назар таштоо – алардын рух эместигин, рух менен материядан куралган эместигин, балким, алардын бир гана материядан тургандыгын көрсөтөт. Алардын материя экендиги ачык көрүнүп турган акыйкат. Себеби, алар сезиле турган, идирек кылына турган нерселер. Алардын рух эместигине келсек, рух – бул адамдын Алла Таалага болгон байланышын билиши. Бул билүү аалам да, адам да, тирүүлүк да эмес, балким, булардан бүтүндөй башка нерсе. Ал эми, алардын материя менен рухтан куралбагандыгы аалам жана тирүүлүктө даана көрүнөт. Адамда болсо, анын Аллага болгон байланышын билиши анын тутумдук бир бөлүгү эмес, балким, анда кийин пайда боло турган сыпат. Мунун далили: Алланын барлыгын тануучу кафир өзүнүн Аллага байланышы бар экендигин билбейт. Бирок, ал ошондой болсо да адам.

Ушуга ылайык, кээ бирөөлөрдүн «Адам материя менен рухтан куралган. Эгер адамда материя рухтан үстөм келсе, ал жаман адам болот, эгер рух материядан үстөм келсе, ал жакшы адам болот. Ушуга карай, адам жакшы болушу үчүн материядан рухту үстөм кылышы керек» деген мазмундагы сөздөрү туура эмес. Себеби, адам материя менен рухтан куралган эмес. Анткени, бул орунда талкуу кылынып жаткан рух Алланын бар экендигине ишене турган бардык адамдардын түшүнүгүндө «Жаратуучунун белгисин (асар)», же «Гойиб (кайып) дүйнөсүнүн сезиле турган (мушахада) белгилерин», же «кандайдыр бир нерседе бир гана Алла тарабынан боло турган жактардын түшүнүп жетилишин» жана ушуга окшош маанилерди түшүндүрөт. Т.а. бул орундагы «рух» – «руханийлик» жана «рухий жак» маанисинде. Адамда болгон «руханийлик» жана «рухий жак» маанисиндеги рух «жан» эмес, андан келип чыккан да эмес, ага байланышы да жок, балким, ал бүтүндөй башка нерсе. Мунун далили мындайча, айбанда да «жан» бар, бирок

ушуга карабастан, анда руханийлик жана рухий жак жок. Эч ким «айбан материя менен рухтан куралган» деп айтпайт. Мындан ушундай катъий тыянак чыгарууга болот, бул маанидеги рух «жан» эмес, «жандан» келип да чыккан эмес жана ага эч кандай байланышы да жок. Айбанда жан болушуна карабастан, ал материя менен рухтан куралбаганы сыяктуу, адам да – анда да «жан» болсо да – материя менен рухтан куралган эмес. Себеби, бир гана адамда бар болуп, аны башка жаныбарлардан ажыратып тура турган рух «жан»га тиешелүү эмес жана андан келип да чыккан эмес, балким, ал Аллага болгон байланышты билүү дегени. Демек, адамда «жан»дын бар экендигин далил кылуу менен «рух адамдын тутумдук бөлүгү» делбейт.

Бул орундагы талкууланып жаткан рух Аллага болгон байланышты билүү болуп, анын жанга байланышы болбогон соң, демек, рух адамдын тутумдук бөлүгү болбойт. Себеби, Аллага болгон байланышты билүү адамдын тутумдук бөлүгү эмес, балким, кийин пайда боло турган сыпат. Буга төмөнкүнү далил кылса болот, Алланын бар экендигин жокко чыгаруучу кафир өзүнүн Аллага болгон байланышын билбейт. Бирок, ошондой болсо да, ал адам.

Адам, тирүүлүк, ааламдын рух эмес, материя болушуна карабастан, алардагы рухий жак алардын Жаратуучуга махлук экендиги т.а. алардын жаратуучусу болгон Алла Таалага махлук сыпатындагы байланышы болуп эсептелет. Мисалы, аалам материя. Анын Жаратуучуга махлук экендиги андагы адам биле турган рухий жак болот. Адам да материя. Анын Жаратуучуга махлук экендиги андагы адам биле турган рухий жак болот. Тирүүлүк да материя. Анын Жаратуучуга махлук экендиги андагы адам биле турган рухий жак болот. Демек, рухий жак адам, тирүүлүк, ааламдын өзүнөн келип чыга турган нерсе эмес, балким, алардын аларды жараткан Жаратуучуга т.а. Алла Таалага махлук экендигинен келип чыгат. Мына ушул байланыш рухий жак болот.

Негизи, рухтун мааниси мындайча, илахтын бар экендигине ишене турган адамдар «рух», «руханийлик» жана «рухий жак» сөздөрүн көп тилге алышып, муну менен Жаратуучунун кайсы бир жердеги белгисин, же гойиб тарабынын көрүнүп жаткан белгилерин, же бирер нерседе бир гана Алла тарабынан боло турган жактардын түшүнүп жетилишин, же ушуга окшогон маанилерди назарда тутушар эле. Алар «рух», «руханийлик», «рухий жак» жана ушул маанидеги сөздөр аркылуу түшүндүрүп жаткан ушул маанилер жалпы, күңүрт, тунук эмес маанилер болуп, бул маанилердин алардын зээндеринде да, тышкарыда да вакиъси бар эле. Бул вакиъ – бар экендиги идирек кылына турган, өзүн болсо идирек кылып болбой турган гойиб зат жана ушул заттын нерселердеги белгилери. Бирок, алар сезип жаткан бул вакиъни сезимдери аркылуу чындап идирек кылышса да, аны тунук түшүнө албагандыктан, ал жөнүндө так аныктама айта алышкан эмес. Бул маанилер тунук

болбогондуктан, алардын бул маанилер жөнүндөгү түшүнүктөрү туруксуз болгон. Натыйжада, кээ бирөөлөрдүн түшүнүгүндө бул маанилер «жан» маанисиндеги рух менен аралашып кетти. Алар адамда «жан» маанисиндеги рухтун бар экендигин сезгендиктери о.э. руханийлик жана рухий жак маанисиндеги рух бар экендиги себептүү «Адам материя менен рухтан куралган» деп айта башташты. Натыйжада, алар «рух жандын дал өзү», же «жандан келип чыккан» деп ойлошту. Бирок, айбанда да рух т.а. «жан» бар болгону менен, анда руханийлик жана рухий жак жок экендигине көңүл бурушпады. О.э. бул маанилер тунук болбогондуктан, адам көңүл көтөрүлгөнүнө да рух сөзүн иштетип, «рухум көтөрүлдү» же «баланчанын руху аябай көтөрүңкү» деп айта турган; кээ бир жерге барганда көңүл жазылып, жеңилдикти сезсе, «бул жерде рухий жак же руханийлик бар» деп айта турган; «рухумду кубаттуу кыламын» деп, өзүн ач коё турган, денесин кыйнай турган жана организмин күчсүздөндүрө турган болуп калды. Булардын бардыгы «рух», «руханийлик» жана «рухий жак» маанилеринин тунук болбогондугу себептүү жүзөгө келди. Бул маселе мурункулардын түшүнүгүндөгү «акыл»дын вакиъсине окшоп кетет. Себеби, «акыл» сөзүнөн «идирек кылуу», «бирер нерсе үстүнөн өкүм чыгаруу» жана ушул сыяктуу маанилер көздөлөт. Бирок, мурункулар идирек кылуу жана ушул сыяктуу маанилерди акыл деп эмес, балким, акылдын жемиши деп түшүнүшчү. Алардын назарында акылдын вакиъси бар болуп, аны сезишсе да, бирок, анын акыйкатын (хакикат) анык билишпес эле жана анын вакиъси аларда тунукташпаган эле. Аларда акылдын вакиъси тунук болбогондугу себептүү, акылды жана анын орношкон ордун түшүнүүлөрү, көз алдына элестетүүлөрү ар түрдүү жана туруксуз болуп, анын акыйкатын билүүлөрү чиеленишип кетти. Кээ бирөөлөр акыл жүрөктө жайгашкан десе, башкалар анын орду башта деди, кээ бирөөлөр мээнин өзү акыл десе, кээ бирөөлөр мындан башка пикирлерди айтышты. Биздин доорубузга келип, айрым ойчулдар (муфаккир) акылдын маанисин, анын аныктамасын айкындаштыруу үчүн бул маселеге көңүлдөрүн бурушту. Алар да акылдын вакиъсин биле албагандыктан, акыл жөнүндөгү түшүнүктөрү чиеленишип кетти. Кээ бирөөлөр: «Акыл – мээнин материядагы чагылдырылышы» десе, башкалар «Материянын мээдеги чагылдырылышы» деди. Акыры акылдын эң туура аныктамасына жетишилди жана акылга: «Вакиънин мээге сезимдер аркылуу узатылышы жана ушул вакиъни баян кылып бере турган сабик (мурунку) маалыматтардын бар болушу» деп аныктама берилди. Бул аныктама аркылуу акылдын акыйкаты түшүнүлө турган болду. Ушуга окшоп, кээ бир ойчулдардын «рух», «руханийлик», «рухий жак» жана ушулар сыяктуу маанилерди да, аларды жана алардын вакиъсин зээн биле турган даражада айкындаштырууга көңүл буруулары зарыл. Себеби, турмушта рух, руханийлик жана рухий жактардын өз вакиъси бар. Белгилүү

болгондой, турмушта нанга окшогон сезип, кармап көрө ала турган жана дарыгердин кызматына окшогон сезсе да кармап көрө албай турган материалдык нерселер бар экендиги маалым. Турмушта сыймыктануу, мактоо сыяктуу адам сезсе да, кармап көрө албай турган маънавий (моралдык) нерселер бар. О.э. Алладан коркуу, оор күндөрдө өзүн Ага тапшыруу сыяктуу адам сезсе да, кармап көрө албай турган рухий нерселер да бар. Булар адам сезе ала турган вакиъге ээ болгон үч түрдүү маанилер болуп, алардын бири экинчисинен айырмалат. Демек, «рух», «руханийлик», «рухий жак» сезсе боло турган өзүнчө вакиъ. Ошондуктан, акылга аныктама берилип, ал адамдарга айкындаштырылганы сыяктуу, бул вакиъге да аныктама берилип, адамдарга айкындаштырылышы зарыл.

«Рух», «руханийлик» жана «рухий жактын» вакиъси тереңирээк текшерип чыгылса, булардын Алланын бар экендигин тана турган атеисттерде болбошу, балким, Илахтын бар экендигине ыйман келтиргендерде гана болушу айкын болот. Т.а. бул сөздөр Аллага ишенүүгө (ыйманга) тиешелүү. Ыйман бар жерде алар да бар, ыйман жок жерде алар да жок. Алланын бар экендигине ыйман келтирүү дегени – бардык нерселердин аларды жараткан Жаратуучуга махлук экендигин жазм тастыктоо дегени. Демек, талкуунун темасы бардык нерселердин Жаратуучуга махлук экендиги жөнүндө. Бул нерселер Жаратуучунун махлуку экендигине икрар болуу – ыйман, алар Жаратуучунун махлуку экендигин инкар кылуу – куфр. Икрар жана жазм тастыктоо абалында рухий жак бар. Аны пайда кылган нерсе тастыктоо. Икрар болбоо жана инкар кылуу абалында рухий жак жок. Анын болбошунун себеби инкар кылгандык. Демек, рухий жак – нерселердин Жаратуучуга махлук экендиги тарабынан т.а. нерселердин жаралышы жана жоктон бар болушу жагынан өз Жаратуучусуна болгон байланышы. Эгер акыл бул байланышты т.а. нерселердин Жаратуучуга махлук экендигин идирек кылса, бул аркылуу анда Жаратуучунун улуулугун сезүү туйгусу, Андан коркуу туйгусу жана Аны ыйык саноо туйгусу пайда болот. Өзүнөн туйгу келтирип чыгара турган мына ушул байланышты билүү рух. Демек, «рух – Аллага болгон байланышты билүү». Муну менен рухий жактын мааниси айкын болот. Рух жана рухий жак маанилери сөздүккө кайрылып аныктала турган лексикалык маанилерге ээ болгон сөздөрдөн эмес. Алар ар бир эл өзү каалагандай келишип ала турган терминдик атамалар да эмес, балким, алар кандай сөздөр иштетилишине карабастан, анык вакиъге ээ болгон маанилер. Талкуу сөздөрдүн лексикалык мааниси жөнүндө эмес, бул маанилердин вакиъси жөнүндө. Бул маанилердин ваккиъси жогоруда баян кылынды. Т.а. рух, адамдагы рухий жактан алып каралганда, Аллага болгон байланышты билүү. Адам, тирүүлүк жана ааламдагы рухий жак алардын Жаратуучуга махлук экендиги. Бул сөздөр кайсы жерде иштетилсе да, ушул маанилер көздө тутулат. Себеби,

сезиле турган вакиъси бар экендиги далил менен далилденген маанилер бир гана ушулар. О.э. бул сезиле турган вакиъ – Алланын бар экендигине т.а. нерселердин Жаратуучусу бар экендигине ишене турган адамдардын көз карашында ошол маанилердин зээндердеги жана андан тышкарыдагы вакиъси.

Ал эми «жан» маанисиндеги рухка келсек, ал чындап (катъан) бар жана Курандын катъий нассы менен сабит болгон, анын бар экендигине ишенүү эч талашсыз, бирок, ал бул талкуунун орду эмес.

«Рух» омоним сөз, ал «айн» сөзүнө окшоп бир нече маанилерге ээ. «Айн» сөзү булак, көз, чалгынчы, алтын, күмүш жана башка маанилерде иштетилгени сыяктуу, рух сөзү да бир нече маанилерде иштетилет. Мисалы, «рух» сөзү келип, андан «жан» мааниси көздө тутулган:

﴿ وَيَسْـَٔلُونَكَ عَنِ ٱلرُّوحِ ۖ قُلِ ٱلرُّوحُ مِنْ أَمْرِ رَبِّى وَمَآ أُوتِيتُم مِّنَ ٱلْعِلْمِ إِلَّا قَلِيلًا ﴾

***«Эй Мухаммад, сенден рух-жан жөнүндө сурашат. Айткын: «Рух жалгыз Роббим биле турган иштерден. Силерге абдан аз илим берилген».*** **[17:85]**

Төмөндөгү аятта «Рух» сөзүнөн Жабрайил ﷺ көздө тутулган:

﴿ نَزَلَ بِهِ ٱلرُّوحُ ٱلْأَمِينُ ۝ عَلَىٰ قَلْبِكَ لِتَكُونَ مِنَ ٱلْمُنذِرِينَ ﴾

***«Акырет азабынан эскертүүчүлөрдөн болушуң үчүн Рухул-Амин*** *(Жабраил ﷺ)* ***дилиңе аны алып түштү».*** **[26:193-194]**

Мына бул аятта болсо «рух» сөзүнөн шарият көздө тутулган:

﴿ وَكَذَٰلِكَ أَوْحَيْنَآ إِلَيْكَ رُوحًا مِّنْ أَمْرِنَا ۚ ﴾

***«Ошентип, сага буйрук жана кайтарууларыбыздан турган рухту*** *(т.а. шариятты)* ***вахий кылдык».*** **[42:52]**

Бул маанилердин эч бири «анда рухий жак бар» же «бул рухий нерсе» же «материяны рухтан ажыратуу» жана ушул сыяктуу сөздөрдөн көздөлгөн маанилер эмес. Рух жөнүндөгү жогорудагы сөздөрдүн Куранда келген «рух»тун маанилерине эч кандай байланышы жок. Балким, алардагы «рух»тан көздөлгөн маани материянын жаратылышына тиешелүү маани т.а. нерселердин жаратуучусу Алла Таалага махлук экенине жана нерселердин өз Жаратуучусуна болгон байланышын адамдын билишине тиешелүү маани.

Адамга терең жана жаркын назар таштоо анын эки чөйрөдө жашап жатканын көрсөтөт. Биринчиси, адамдын үстүнөн өкүмдар болгон чөйрө, экинчиси, адам ага өкүмдарлык кыла турган чөйрө. Адам үстүнөн өкүмдар болгон чөйрөгө келсек, ал табият мыйзамдары (низоматуль-вужуд) адамды камтып тура турган чөйрө. Демек, адам бул чөйрөдө аалам жана тирүүлүк менен бирге, өзгөрбөс атайын белгиленген түзүмгө

ылайык жашайт. Ошондуктан, бул чөйрөдөгү иштер адамдын ыктыярысыз (ирадасыз) болот. Адам бул чөйрөдө ыктыярдуу эмес, мажбур. Мисалы, бул дүйнөгө өз ыктыярысыз келген жана андан өз ыктыярысыз кетет. Адам табият мыйзамына каршы чыга албайт. Ошондуктан, бул чөйрөдө адам тарабынан кылынган, же ага карата кылынган иштер үчүн ал жоопкер эмес. Ал эми, адам өкүмдарлык кыла турган чөйрөдө болсо, адам – Алланын шарияты болобу, же башка түзүм болобу – өзү тандаган түзүм боюнча ыктыярдуу түрдө жашайт. Бул адам тарабынан кылынган же ага карата кылынган иштер анын каалоосу (ирада) менен жүз бере турган чөйрө болот. Ал каалаган убакта басат, тамактанат, чаңкоосун кандырат, сапарга аттанат жана каалаган убакта булардан баш тартат. Бул иштерди ал өз ыктыяры менен кылат жана өз ыктыяры менен аны кылуудан баш тартат. Ошондуктан да, адам бул чөйрөдө кылган иштеринен жоопкер.

Адам өзү өкүмдарлык кыла турган чөйрөдө да, анын үстүнөн өкүмдар болгон чөйрөдө да, өзү тарабынан же ага карата башка бирөө тарабынан кылына турган кээ бир нерселерди жактырса, кээ бирлерин жактырбайт. Жактырганын «жакшылык», жактырбаганын «жамандык» деп чечмелөөгө аракет кылат. Жактырган нерсесин жакшы, жактырбай турганын болсо жаман дешти каалайт. О.э. өзүнө пайда келишине, же зыян жетишине карап, кээ бир иштерди жакшы, кээ бирлерин жаман деп баалайт.

Чындыгында болсо, адам өкүмдар болгон чөйрөдө ал тарабынан кылынып жаткан иштердин өзү жакшы же жаман деп сыпатталбайт. Себеби, алар иштер гана болуп, алардын өзүндө жакшылык же жамандык сыпаты жок. Балким, иштердин жакшы же жамандыгы иштерден тышкарыдагы этибарга ылайык жүзөгө келген. Мисалы, адам өлтүрүүнү жакшы деп да, жаман деп да болбойт, балким, ал өлтүрүү гана деп аталат. Бул иштин жакшы же жаман болушу, андан тышкарыдагы сыпаттарга байланыштуу. Ошондуктан, душман аскерлерин өлтүрүү жакшылык деп эсептелсе, ал эми, өз мамлекетинин жаранын, же болбосо, муахидди (Ислам мамлекети менен келишим түзгөн исламий эмес мамлекеттин Ислам мамлекети аймагындагы жараны), же мустаъминди (амандык сурап, мамлекет аймагына кирүүгө уруксат алган киши) өлтүрүү жамандык болуп эсептелет. Биринчи өлтүрүүчү сыйлыкка татыктуу болсо, экинчи өлтүрүүчү жазаланат. Негизи, бул эки өлтүрүү тең бир кыл болуп, алардын арасында эч кандай айырма жок эле. Демек, жакшылык жана жамандык сыпаты адамды бул ишке үндөй турган түрткүлөрдөн (амил) жана бул иштен көздөлгөн максаттан (гоя) келип чыгат. Ошентип, адамды белгилүү бир ишти кылууга үндөй турган түрткүлөр жана андан көздөлгөн максат – адам аны жактырышына же жактырбашына, ага пайда же зыян алып келишине карабастан – ошол иштин жакшы же жаман деп сыпатталышын белгилеп берет.

Ушуга ылайык, адамды белгилүү бир ишти кылууга үндөй турган түрткүлөр о.э. бул иштен адам көздөгөн максат терең үйрөнүлүшү керек. Ошондо гана иш качан жакшы, качан жаман деп сыпатталышы маалым болот. Үндөөчү түрткүлөрдү жана адам умтулуп жаткан максатты билүү ал итикад кылып жаткан акыйданын түрүнө байланыштуу. Мисалы, Аллага ыйман келтире турган о.э. саййидибиз Мухаммад соллаллоху алайхи ва аалихи ва салламдын Алланын буйрук-кайтарууларын баян кылып берүүчү кылып, адамдын өз Роббиси менен, өзү жана башкалар менен боло турган мамилелерин тартипке салуучу Ислам Шарияты менен жөнөтүлгөнүнө ыйман келтире турган мусулмандын бардык иштерин Алланын буйрук-кайтаруулары жүргүзүшү керек. Бул жүргүзүүдөн көздөлгөн максат болсо, Алланын ыраазылыгына жетүү болушу керек. Ошондуктан, иш «Алланын каарын келтире турган же ыраазы кыла турган» иш деп сыпатталат. Эгер иш Алланын буйруктарына тескери болгондугу же Ал кайтарган нерселерден болгондугу үчүн Алланын каарын келтире турган иш болсо, бул жаман иш болот. Тескерисинче, Алланын буйруктарына баш ийип, кайтарган нерселеринен четтеп аткарыла турган болсо, бул жакшы иш болот.

Ушуга негизделип, мусулмандын назарында Алланы ыраазы кыла турган иш жакшы, каарын келтире турган иш болсо жаман иш болот деп айта алабыз.

Бул адам өкүмдарлык кылган чөйрөдө өзү тарабынан же ага карата кылынган иштерге тиешелүү.

Ал эми, адамдын үстүнөн өкүмдарлык кылган чөйрөдө анын өзү тарабынан же ага башка бирөө тарабынан кылынган иштерге келсек, адам аларды жактырышына же жактырбашына, пайдасына же зыянына карап, «жакшы» же «жаман» деп сыпат берет. Алла Таала айтат:

﴿ إِنَّ ٱلۡإِنسَٰنَ خُلِقَ هَلُوعًا ۞ إِذَا مَسَّهُ ٱلشَّرُّ جَزُوعًا ۞ وَإِذَا مَسَّهُ ٱلۡخَيۡرُ مَنُوعًا ﴾

***«Адам жалакай кылып жаратылган. Ага жамандык** (кембагалдык) **жетсе, чыдамсыздык кылат. Жакшылык** (байлык) **жетсе, сараңдык кылат».*** **[70:19-21]**

﴿ وَإِنَّهُۥ لِحُبِّ ٱلۡخَيۡرِ لَشَدِيدٌ ﴾

***«Адамдын жакшылыкка** (байлыкка) **сүйүүсү абдан күчтүү».*** **[100:8]**
Бирок, бул сыпат иштердин чыныгы сыпаты эмес. Кээде адам жаман болгон нерсени жакшы, кээде болсо жакшы нерсени жаман деп билет.

﴿ وَعَسَىٰٓ أَن تَكۡرَهُواْ شَيۡـًٔا وَهُوَ خَيۡرٌ لَّكُمۡۖ وَعَسَىٰٓ أَن تُحِبُّواْ شَيۡـًٔا وَهُوَ شَرٌّ لَّكُمۡۗ وَٱللَّهُ يَعۡلَمُ وَأَنتُمۡ لَا تَعۡلَمُونَ ﴾

***«Силер өзүңөр үчүн жакшы болгон нерсени жаман көрүшүңөр мүмкүн жана силер үчүн жаман болгон нерсени жакшы көрүшүңөр мүмкүн. Муну Алла билет, силер болсо билбейсиңер».*** **[2:216]**

Адамдын иштерине терең, жаркын назар таштоо - бардык шарттардан жана тышкарыдан келүүчү этибарлардан ажыратып, иштердин өзүнө эле көңүл бурса – алардын материядан гана тургандыгын көрсөтөт. Иштер материя болгондуктан, алардын өзү «жагымдуу» (хусн) же «жагымсыз» (кубх) деп сыпатталбайт. Алар өздөрүнөн тышкарыдагы шарттардан жана өздөрүнөн башка жактан келүүчү этибарлардан келип чыгып, жагымдуу же жагымсыз деп сыпатталат. Иштин жагымдуу же жагымсыз экендигин баян кыла турган мына ошол башка жак бир гана акылдын өзү болот; же бир гана Шарияттын өзү болот; же акыл негиз болуп, Шарият ага далил болот; же Шарият негиз болуп, акыл ага далил болот. Адамдын иштерин бир гана акыл негизинде сыпаттоо туура эмес. Себеби, акылдын ар түрдүүлүк (тафавут), кайчы келүүчүлүк (ихтилаф) жана карама-каршылыкка дуушар болушу анык. Ушуну менен бирге, акылдын жагымдуу жана жагымсыздыкты белгилей турган өлчөөлөрү өзү жашап турган чөйрөдөн таасирленет о.э. ал доорлордун өтүшү менен түрдүү тафавут жана ихтилафтарга дуушар болот. Эгер жагымдуу жана жагымсыздыкты белгилөө акылдын өзүнө тапшырыла турган болсо, бир эле нерсе айрым адамдардын назарында жагымсыз болсо, башкалардын назарында жагымдуу болот. Бир эле нерсе бир доордо жагымдуу болсо, башка бир доордо жагымсыз болот. Ислам бүткүл дүйнөлүк жана түбөлүк мабда болгондугу себептүү, иштерге жагымдуу же жагымсыз деп сыпат берүү бардык доорлордо бардык адамдар үчүн бирдей болушун талап кылат. Ошондуктан, иштердин жагымдуу же жагымсыздыгы акылдан тышкарыдагы күч тарабынан белгилениши керек. Ал шарият тарабынан белгилениши керек. Мына ошондуктан, адамдын иштерин жагымдуу же жагымсыз деп сыпаттоо бир гана Шарияттан алынат. Ушуга караганда, кыянатчылык – жагымсыз иш, убадасында туруу – жагымдуу иш; бузукучулук – жагымсыз иш, ал эми, таква - жагымдуу иш; Ислам Мамлекетине каршы козголоң көтөрүү – жагымсыз иш, эгер бул мамлекет туура эмес саясат алып барып жаткан болсо, анын каталарын оңдоо – жагымдуу иш. Себеби, Шарият буларды баян кылган. Ал эми, акыл белгилеп берген нерселерге Шариятты далил кылуу жагымдуу жана жагымсыз темасына акылды башчы кылууну талап кылат. Мунун туура эмес экендигин жогоруда баян кылдык. Ал эми, Шарият белгилеп берген нерселерге акылды далил кылуу Шаръий өкүмгө акылды далил кылууну талап кылат. Негизи болсо, Шаръий өкүмдүн далили акыл эмес, нусус болот. Акылдын милдети Шаръий өкүмгө далил болуу эмес, балким, Шаръий өкүмдү түшүнүү. Мындан жагымдуулук жана жагымсыздык акылдан эмес, бир гана Шарияттан келип чыгышы маалым болот.

Иштерди жакшылык жана жамандык деп сыпаттоо менен жагымдуу жана жагымсыз деп сыпаттоонун ортосундагы айырма – аларды жакшылык жана жамандык менен сыпаттоо алардын адам назарындагы таасири жана аларга кадам коюу же алардан баш тартуу жагынан болот. Адам өзүнө зыян жете турган же жактырбай турган иштерди жаман деп атаса, өзүнө пайда келе турган же жактыра турган иштерди жакшы деп эсептейт. Жагымдуу жана жагымсыздыгына карабастан, бул иштердин өзүнө болгон таасири себептүү ушундай деп карайт. Себеби, мындай абалда жагымдуулук жана жагымсыздык темасы анын эсине келбейт. Ушундай көз караштын негизинде ал бир ишке кадам коёт же андан баш тартат. Ушуну менен бул көз карашка оңдоо киргизилди т.а. бирер иш жактыруу-жактырбоого же пайда-зыянга карап жакшы же жаман делбейт. Балким, анын жакшы-жамандыгынын өлчөөсү – Алла Тааланын ыраазылыгы. Бул жердеги талкуу иштин өзү жөнүндө эмес, балким жакшылык жана жамандыктын адамдар адаттанган өлчөөсү жөнүндө барат.

Иштерди жагымдуу жана жагымсыз деп сыпаттоо болсо, адамдын алар үстүнөн өкүм чыгарышы жана аларга жаза-сооп берилиши жагынан келип чыгат. Адам нерселерге салыштырып туруп иштерге жагымдуу жана жагымсыз деп өкүм чыгаруу укугун өзүнө берген. Себеби, ал ачуу нерсеге жагымсыз, таттуу нерсеге жагымдуу, көрүмсүз көрүнүшкө жагымсыз, көркөм көрүнөшкө жагымдуу деп өкүм чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондон кийин «чын сүйлөө - жагымдуу иш, жалган сүйлөө – жагымсыз иш, убадасында туруу – жагымдуу иш, кыянаттык кылуу – жагымсыз иш деп өкүм чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээмин» деп ойлоду. Натыйжада, жакшылык-жамандык темасына карабастан, иштерге жагымдуу же жагымсыз деп өкүм чыгаруу укугун өзүнө берди. Себеби, мындай абалда иштердин жакшы же жамандыгы темасы анын эсине келбейт. Ал өзүнүн бул өкүмүнө ылайык, жагымсыз иштерге жаза-чараларын, жагымдуу иштерге болсо сыйлыктарды белгиледи. Бул өкүмгө «Иш нерсеге салыштырылбайт» деп оңдоо киргизилет. Себеби, нерседеги ачуулук, таттуулук, көрүмсүздүк, көркөмдүүлүктү сезүү органдары билип, анын үстүнөн өкүм чыгарышы мүмкүн болот. Иш болсо, мунун тескериси. Себеби, анда адам сезе турган нерсе жок. Ошондуктан, анын үстүнөн жагымдуу же жагымсыз деп өкүм чыгара албайт. Себеби, адам иштин өзүнө карап жагымдуу же жагымсыз деп өкүм чыгара албайт. Демек, адам бул өкүмдү иштин өзүнөн эмес, балким, башка тараптан т.а. Алла Тааладан алышы зарыл. Бул жерде талкуу иштердин өлчөөсү жөнүндө эмес, балким, алардын үстүнөн өкүм чыгаруу жөнүндө болуп жатат. Бул жерде талкуу иштерге кадам коюу же алардан баш тартуу жөнүндө эмес, балким, аларга жаза же сооп белгилениши жөнүндө болуп жатат. Ошондуктан, жакшылык жана жамандык менен жагымдуулук жана

жагымсыздыктын ортосунда айырма бар болуп, булар бири-биринен айырмаланган талкуулар болуп эсептелет.

Булар иштерди сыпаттоого карата. Ал эми, иштен көздөлгөн максатка (касд, максуд) келсек, белгилүү бир ишти кылып жаткан ар бир адамдын ошол ишти кылуудан көздөгөн максаты болот. Бул максат иштин кыйматы болот. Ошондуктан, бир ишти кылып жаткан убакта ар бир иштин адам жүзөгө чыгарууну көздөгөн кыйматы болушу зарыл. Антпесе, бул иш куру-бекер иш болуп калат. Адам өз иштерин максатсыз куру-бекер эле аткара бериши мүмкүн эмес. Ошондуктан, ал иштерди аткаруудан көздөлгөн кыйматтарды жүзөгө чыгарууга көңүлүн бурушу лаазым.

Иштин кыйматы материалдык кыймат болушу мүмкүн. Соода-сатык, дыйканчылык, өнөржай иштери сыяктуу. Мындай иштерди аткаруудан көздөлгөн максат материалдык пайдаларга т.а. кирешеге ээ болуу. Бул кыймат турмушта өз ордуна ээ болгон кыймат.

Же иштин кыйматы инсаний кыймат болушу мүмкүн. Чөгүп бараткан адамды куткарып калуу же жапа чегип жардам сурап жаткандарга жардам берүү сыяктуу. Мындай иштерден көздөлгөн максат – адамды куткарып калуу, мында инсанийликтен (т.а. адамгерчиликтен) башка түсү, жынысы жана дини сыяктуу этибарлар көздөлбөгөн.

О.э. иштин кыйматы ахлакый (хулукий) кыймат болушу мүмкүн. Чын сүйлөө, убадага бападар болуу жана мээримдүүлүк сыяктуу. Бул иштерде, пайда жана инсанийликтен тышкары, ахлакый жак максат кылынган. Себеби, адеп-ахлак кээде адамдан башкага карата да иштетилет. Айбан же куштарга ырайымдуулук кылуу сыяктуу. Кээде ахлакый иштен материалдык зыян жетиши да мүмкүн, бирок, бул иштин кыйматын жүзөгө чыгаруу керек болот, бул кыймат болсо ахлакый жак.

Акыркысы, иштин кыйматы рухий кыймат болушу мүмкүн, ибадаттар сыяктуу. Себеби, алардан материалдык пайда да, инсанийлик жактар да, ахлакый маселелер да максат кылынбаган. Аларды аткаруудан көздөлгөн максат бир гана ибадат болгон. Ошондуктан, башка кыйматтарга карабастан, бул иштердин бир гана рухий кыйматын жүзөгө чыгарууга көңүл бурулушу керек.

Жогорудагы кыйматтар бардык иштердин кыйматтары болот. Адам ар бир ишти аткарып жатканда ушул кыйматтарды жүзөгө чыгарууга аракет кылат.

Адамзат коомдору бул дүйнө турмушунда ушул кыйматтарга карап о.э. коомдо ишке ашырылып жаткан кыйматтардын жана аларды ишке ашыруу аркылуу кепилденип жаткан жыргалчылык жана бейпилдиктин даражасына карап бааланат. Ошондуктан, мусулман киши коомдун жыргалчылыгына жана өнүгүшүнө өз салымын кошушу үчүн, ошол эле учурда, өзүнүн да жыргалчылыгын жана бейпилдигин кепилдеши үчүн,

ар кандай ишти кылып жатканда андан көздөлгөн кыйматты ишке ашыруу жолунда бар күчүн иштетиши керек.

Негизи, бул кыйматтар бири-биринен абзел да, бири-бирине барабар да эмес. Себеби, алардын арасында бирин экинчисине теңештирүүгө же бирин экинчисинен абзел көрүүгө негиз кылына турган касиеттер жок. Алар адам белгилүү бир ишти аткарып жаткан убакта көздөй турган натыйжалар болуп эсептелет. Ошондуктан да, жогорудагы кыйматтарды бир таразага коюу жана бирдей өлчөө менен өлчөп көрүү мүмкүн эмес. Себеби, алар бири-бирине тескери болбосо да, бири-биринен айырмаланат. Бирок, кыйматтардын эң абзелин тандоо үчүн аларды бири-бирине салыштыруу адамдын касиети. Алар бири-биринен абзел, бири-бирине тең болбосо да, адам буга ыраазы болбойт, балким, алардын бирин экинчисинен жогору коёт же теңештирет. Мындай абзел көрүү же теңештирип көрүү кыйматтын өзүнө негизделбейт, балким, адамга келе жаткан натыйжаларга негизделет. Ушуга негизделип, адам кыйматтардын бирин экинчисинен абзел көрүүдө же теңештирүүдө өзүн жана бул кыйматтардан өзүнө келе жаткан пайда менен зыянды негиз кылат. Ошондуктан, өзүн же бул кыйматтардан колго киргизип жаткан натыйжаларды өлчөө кылып алат. Демек, акыйкатын алганда, кыйматтардын өзүн эмес, балким, адамга алардан келип жаткан натыйжалардын бирин экинчисинен абзел коюу пайда болот. Адамдардын бул кыйматтардын натыйжаларына ыктоолору (майил) ар түрдүү болгону себептүү, кыйматтардын бирин экинчисинен абзел көрүүлөрү да ар түрдүү болот.

Рухий туйгулары үстөм болгон, бул туйгуларга ыктоосу күчтүү болгон жана материалдык кыйматка көп көңүл бурбай турган адамдар материалдык кыйматтан рухий кыйматты жогору коюшат. Натыйжада, жалаң ибадаттарга көңүл буруп, материалдык иштерден жүз үйрүшөт. Ошондуктан, турмуш материалдык нерселерден тургандыктан, ага аралашышпайт. Натыйжада, турмуштун материалдык жактан аркада калуусуна себепчи болот. Булар себептүү алар жашап жаткан коомдун жашоо деңгээли төмөндөп кетет. Себеби, мындай коомдо жалкоолук жана сенектик кең кулач жаят.

Материалдык ыктоолору күчтүүрөөк болгон, көңүл-каалоолоруна кул болуп калган жана рухий кыйматка көңүл бурбаган адамдар болсо, материалдык кыйматты абзел көрүп, аны ишке ашырууга умтулушат. Ошондуктан, аларда жогорку максаттар ар түрдүү болот. Мындай адамдар себептүү алар жашап турган коом туруксуз коом болуп калат жана анда карамүртөздүк менен бузгунчулук (фасад) күчөп кетет.

Ошондуктан, бул кыйматтарды белгилөөнү адамдын каалоосуна таштап коюу туура эмес. Балким, бул кыйматтар адамдын жаратуучусу тарабынан т.а. Алла Таала тарабынан белгилениши зарыл. Ошондуктан, адамга бул кыйматтарды жана аларды ишке ашыруу убактысын Шарият

белгилеп бериши о.э. Шарияттын көрсөтмөлөрүнө карап адам бул кыйматтарды ишке ашыруусу лаазым.

Шарият турмуш проблемаларынын чечимдерин Алланын буйрук-кайтарыулары аркылуу баян кылып, бул турмушта ушул буйрук-кайтарыуларга ылайык жүрүүнү адамга важиб кылды. О.э. рухий кыйматты жүзөгө чыгара турган иштерди т.а. фарз жана сүннөт деп белгилеген ибадаттарды баян кылды. О.э. ахлакый кыйматтарды жүзөгө чыгара турган сыпаттарды да баян кылды. Негизги зарылдык жана муктаждыктарды о.э. алардан тышкаркы муктаждыктарды кандыруу үчүн керек боло турган материалдык кыйматтарды атайын белгиленген (махсус) түзүмгө ылайык ишке ашырууну адамга калтырды. Шарият белгиленген түзүмдү баян кылып, адамды андан ооп кетпөөгө буйруду. Адамдын милдети бул кыйматтарды Алланын буйрук-кайтарыуларына ылайык ишке ашыруу үчүн аракет кылуу жана аларды Шарият баян кылып берген өлчөмдө алуу.

Муну менен коомдо, белгилүү бир коом катары ал үчүн зарыл болгон кыйматтар жүзөгө чыгат жана бул коом ушул кыйматтарга карап өлчөнөт. Жашоо жөнүндөгү исламий көз карашка ылайык исламий коом пайда болушу үчүн кыйматтарды жүзөгө чыгаруу жолунда ушул негизде аракет кылуу керек.

Ушуга караганда, адамдын иши материя болуп, адам аны материалдык көрүнүштө аткарат. Бирок, ал ишти аткарып жаткан убакта, бул иштин адал же арам экендиги жагынан Аллага болгон байланышын идирек кылып, ушул негизде ишти кылат же ал иштен баш тартат. Адамдын Аллага болгон байланышын мындайча билүүсү рух болот. Мындайча билүү адамды өз иштерин ажырата билиши үчүн Алланын шариятын үйрөнүүгө мажбур кылат. Натыйжада, Алланы ыраазы кыла турган жана Анын каарын келтире турган иштерди билгенде жакшы иш менен жаман ишти; Шарият ага жагымдуу жана жагымсыз иштерди белгилеп берген убакта болсо, жагымдуу иш менен жагымсыз ишти ажыратып алат. О.э. бул байланышты билүү исламий коомдо исламий турмуш үчүн зарыл болгон кыйматтарды Шарият белгилеп бергендей баалоо үчүн адамды Алланын шариятын үйрөнүүгө мажбур кылат. Муну менен адам белгилүү бир ишти кылып жаткан жана Аллага болгон байланышын билген убакта, ушул билүүгө ылайык ошол ишке кадам коюу же андан баш тартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Себеби, ал иштин түрүн, сыпатын жана кыйматын билет. Мына ушундан маалым болгондой, Ислам философиясы материяны рухка аралаштыруудан турат т.а. иштерди Алланын буйрук-кайтарыуларына ылайык жүргүзүлө турган кылуудан турат. Бул философия ар бир иш үчүн – ал канчалык аз же көп, чоң же кичине болбосун – лаазым жана туруктуу философия. Бул философия, ушул эле учурда, турмуштун сүрөттөлүшү да болуп эсептелет. Исламий Акыйда турмуштун негизи, философиянын негизи,

түзүмдөрдүн негизи болгону үчүн, исламий дүйнө караш б.а. Ислам көз карашындагы турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрдүн топтому бир гана рухий негизге т.а. Акыйдага курулат. Анын турмушту сүрөттөп көрсөтүшү материяны рухка аралаштыруу болот. Анын назарында бакыттын мааниси Алланын ыраазылыгы болуп эсептелет.

Эң чоң түйүндү чечип бере турган акыйда адам иштеринин негизи болгон соң, турмуш жөнүндөгү көз караш ошого негизделген соң о.э. Ислам философиясы бул иштерди тартипке салып турган соң, демек, ал акыйдадан келип чыккан мыйзамдар адам проблемаларын чечип бере турган жана анын иштерин тартипке сала турган кыймылдаткыч күч болот. Ошондуктан, мыйзамдардын турмушка колдонулушу өлкөнү дарул-куфр же дарул-Ислам деп эсептөөнүн өлчөөсү болот.

Ислам мыйзамдары колдонулуп жаткан жана Алла түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүлүп жаткан өлкө – калкынын көбүрөөк бөлүгү мусулман болбосо да – «Дарул-Ислам» деп эсептелет. Алла түшүрбөгөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүп жаткан өлкө – калкынын көпчүлүгү мусулмандар болсо да – «дарул-куфр» деп эсептелет. Демек, акыйдадан кийинки эсепке алына турган нерсе Ислам мыйзамдары жана алардын турмуш майданында колдонулушу болуп саналат. Себеби, бул мыйзамдардын колдонулушу акыйда менен биргеликте үммөттүн ичинде исламий аклияны, исламий нафсияны табигый түрдө пайда кылат жана мусулманды эң жогорку мумтаз шахсияга айландырат.

Ислам адамга бөлүнгүс бир бүтүндүк деген көз караште карап, анын иштерин – алар канчалык көп жана ар түрдүү болбосун – шаръий өкүмдөр менен бир бүтүндүктө жана шайкештикте тартипке салат. Бул шаръий өкүмдөр адам проблемаларын дабалай турган исламий мыйзамдар болуп эсептелет. Бул мыйзамдар адам проблемаларын чечип берип жатканда, аны чечимге муктаж проблема б.а. шаръий өкүмгө муктаж маселе деген көз караште чечип берет т.а. бардык проблемаларды башка сыпат менен эмес, бир гана инсаний проблема деген сыпатта бир кыл түстө дабалайт (муалажа). Мисалы, Ислам нафака сыяктуу экономикалык проблеманы; же халифаны тикелөө сыяктуу бийлик проблемасын; же үйлөнүү сыяктуу ижтимаий проблеманы чечип берип жатканда – аларды экономикалык проблема, же бийлик проблемасы, же ижтимаий проблема катары эмес, балким, инсаний проблема катары т.а. шаръий өкүмгө муктаж болгон маселе деген көз караште дабалайт. Кийин ага чечим истинбат кылынат. Адам проблемаларын чечип берүүдө Исламдын бир гана тарыйкаты бар. Бул тарыйкат: жүзөгө чыккан проблеманы түшүнүп алуу, кийин бул проблема жөнүндөгү Алланын өкүмүн шаръий тафсилий далилдерден истинбат кылуу.

Исламий мыйзамдар: ибадат, адеп-ахлак, азык-түлүк, кийим-кече, мамиле жана жазаларга тиешелүү шаръий өкүмдөрдөн турат.

Ибадат, адеп-ахлак, азык-түлүк жана кийим-кечеге тиешелүү өкүмдөр иллеттенбейт. Расул ﷺ мындай деген: «**Арак арактыгы үчүн арам кылынды**». Ал эми, мамиле жана жазаларга тиешелүү шаръий өкүмдөр болсо, иллеттенет. Себеби, булар жөнүндөгү шаръий өкүмдөр ушул өкүмдөрдүн пайда болушу үчүн себеп болгон иллетке негизделген. Көпчүлүк бардык иштер үчүн нак пайданы негиз кылып ала турган Батыш пикирий идеологиясынан жана батыш дүйнө карашынан таасирленип, бардык өкүмдөрдү пайда менен иллеттөөгө адаттанган. Бул нерсе рухту бардык иштер үчүн негиз кыла турган жана рух менен материянын аралашуусун иштерди башкаруучу күч кыла турган Ислам пикирий идеологиясына тескери. Ушуга караганда, ибадат, адеп-ахлак, жана кийим-кечелерге тиешелүү Шаръий өкүмдөр таптакыр иллеттенбейт. Себеби, бул өкүмдөрдүн эч кандай иллети жок. Балким, нусустарда кандай келген болсо, ошондой боюнча алынат, аларга эч кандай иллет көрсөтүлбөйт. Намаз, орозо, ажылык, зекет, намазды кандай өтөөнүн жолу, ажылык амалдары, зекеттин эсеби жана ушуга окшогон нерселер кандай келген болсо, ошондой боюнча алынат, иллет изделбестен, толук моюн сунуу менен кабыл алынат. Аларга таптакыр иллет изделбейт. О.э. арам өлгөн өлүмтүк, доңуздун эти жана башка нерселердин арам кылынганына да таптакыр иллет изделбейт, аларга иллет издөө ката жана коркунучтуу иш. Себеби, бул нерселердин өкүмдөрүнө иллет издеде турган болсо, бул иллет жоголгон убакта өкүмдүн да жоголушуна алып барат. Себеби, иллет иллеттенүүчү нерсе менен бар болууда жана жок болууда бирге болот. Мисалы, даараттын иллети тазалык, намаздын иллети дене тарбия, орозонун иллети ден соолук болсун дейли ж.б.у.с. Мындай абалда иллет болбогон убакта өкүмдүн да болбошу келип чыгат, а негизи болсо, иш мындай эмес. Ошондуктан, иллет издөөдө өкүмдүн өзүнө да, аны ишке ашырууга да коркунуч бар. Демек, ибадат өкүмдөрү аларга иллет изделбестен, ал кандай болсо ошол бойдон алынышы керек. Ал эми, хикматтарга келсек, аларды бир гана Алла Тааланын Өзү билет. Биздин акылыбыз Алланын акыйкатын биле албайт о.э. Алла Тааланын хикматтарын да биле албайт. Эми төмөндөгү аяттар жана алардан башка нусустарда келген хикматтарга токтолуп өтсөк, Алла Таала айтат:

﴿ إِنَّ ٱلصَّلَوٰةَ تَنْهَىٰ عَنِ ٱلْفَحْشَآءِ وَٱلْمُنكَرِ ﴾

***«Албетте, намаз фахш*** *(бузукулук)* ***менен мункардан тосот».*** **[29:45]**
Алла Таала айтат:

﴿ لِّيَشْهَدُوا۟ مَنَـٰفِعَ لَهُمْ ﴾

***«Алар*** *(өздөрүнө болгон)* ***пайдаларга күбө болуулары үчүн...».*** **[22:28]**
Алла Таала айтат:

﴿ وَمَآ ءَاتَيۡتُم مِّن زَكَوٰةٖ تُرِيدُونَ وَجۡهَ ٱللَّهِ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُضۡعِفُونَ ﴾

***«Алланын ыраазылыгы үчүн берген зекетиңер – эселенип көбөйүүчүлөр. Мына ошолор бергенин эсе кылып алуучулар».*** **[30:39]** Мындай абалдарда нусустун өзүнө чектелип, хикмат бир гана андан алынат жана башка нусус ага салыштырылбайт. Нусуста өкүмдүн хикматы келбеген Шаръий өкүмдөрдө иллет изделбегендей, хикмат да изделбейт.

Ал эми, адеп-ахлакка келсек, ал ушундай бир кыймат болуп, фазилаттар жана асылзат (мукаррам) сыпаттардын о.э. аларга карама-каршы болгон кулк-мүнөздөрдүн баянында ал үчүн белгилүү бир өкүмдөр белгиленген. О.э. ал ибадаттын натыйжаларынан жана мамилелерде ар дайым көңүл бурулушу лаазым болгон иштерден деп саналат. Себеби, Ислам өз мыйзамчылыгында адамзат жетиши мүмкүн болгон эң жогорку даражага жетишүүсү үчүн, адамды эң жогорку жетишкендикке (камал) карай жетелөөнү көздө тутат. Ошондуктан, Ислам адамдын жогорку сыпаттар менен сыпатталышын жана ушул сыпаттарда туруктуу болушун каалайт. Жакшы адеп-ахлак – ага ээ болуп жаткан убакта ишке ашырылышы көздөлгөн кыймат. Жакшы адеп-ахлак шарият өз нусустарында баян кылган фазилаттарга чектелген. Бул фазилаттар ишке ашырылып жаткан убакта жана ушул сыпаттарга ээ болуп жаткан убакта ахлакый кыймат көздө тутулат. Адеп-ахлак исламий шарияттын бир бөлүгү жана Алла Тааланын буйрук-кайтарууларынын да бир бөлүгү болуп, мусулман адам – Исламга амал кылуусу жана Алланын буйрук-кайтарууларын аткаруусу толук болушу үчүн – бул ахлакты өзүндө жүзөгө чыгарышы зарыл.

Мусулман адам ахлакый сыпаттарга – анын ахлакый сыпаттыгы үчүн, аларда пайда бар болгондугу үчүн жана башка бирер нерсе үчүн эмес – аларды Алла Таала буйругандыгы үчүн гана ээ болот. Мисалы, мусулман чын сүйлөөдө – ал чындык болгону үчүн эмес жана анда пайда бар болгондугу үчүн да эмес – балким, шарият ошого буйругандыгы үчүн ошол сыпатка ээ болот.

Ал эми, мусулман ахлакый сыпаттарга, ал адеп-ахлак болгону үчүн гана ага ээ болбошу болсо, нерселерди сыпаттоого байланыштуу. Кээде адам иш экендигине көңүл буруп, жакшы иш деп ойлоп ишке ашырган иши жаман иш болушу мүмкүн. Кээде адам сыпат экендигине көңүл буруп, жакшы сыпат деп ойлоп өзүнө калыптандырган сыпат жаман сыпат болушу мүмкүн. Мына ушул жерде адамдын ахлакты адеп-ахлак болгондугу үчүн өзүндө калыптандыргандыгы себептүү каталык пайда болот. Ислам жакшы жана жаман сыпаттарды анык белгилеп бермейинче, мусулман ушул баян негизинде аларды ишке ашырмайынча, анын бул сыпаттарды өзүндө калыптандырышы шаръий өкүмдөргө туура

келбейт. Ошондуктан, мусулман адам, ал чын сүйлөө болгондугу үчүн гана чын сүйлөөнү өзүндө калыптандырбашы керек; ырайымдуулук болгондугу үчүн гана бечараларга кайырымдуулук кылбашы керек, бардык ахлакый сыпаттарды ахлак болгону үчүн гана өзүндө калыптандырбашы керек, балким, бул иштерди Алла Таала буйругандыгы үчүн гана аларды өзүндө калыптандырышы керек. Себеби, адеп-ахлак Ислам акыйдасына сүйөнөт. Адеп-ахлактын негизи да ушул. Бул нерсе адеп-ахлактын адамда бекем орношуусуна жана анын ар кандай кирликтерден таза сакталышына кепил болот жана жеке адамды буза турган түрткүлөрдүн кирип калышынан адамды узак кылат. Ошондуктан, адеп-ахлакты сактоо адеп-ахлак тууралуу нусустарда келген өкүмдөр менен чектелүү, рухий негизге чектелүү жана аны исламий акыйда үстүнө куруу аркылуу ишке ашат.

Ал эми, адам адеп-ахлакты пайдасы бар болгону үчүн өзүндө калыптандырбашы адеп-ахлактан көздөлгөн максат пайда эместигине байланыштуу. Пайда адеп-ахлакты бузуп жана аны пайдага карап өзгөрө турган кылып койбошу үчүн, аны көздөбөш керек. Адеп-ахлак – адам ыктыярдуу түрдө, Алладан коркуу түрткүсүнүн негизинде, өзүндө калыптандырышы зарыл болгон сыпат. Мусулман адеп-ахлакка тийиштүү иштерди пайда же зыян келтиргени үчүн эмес, балким, Алланын буйрук-кайтарууларына жооп бергени үчүн аткарат. Бул болсо, мусулман жакшы адеп-ахлакты өзүндө калыптандырышын үзгүлтүксүз жана бекем кылат т.а. пайдага карап өзгөрбөй турган кылат.

Пайда негизине курулган адеп-ахлак өз ээсин дили башка, тили башка мунафыкка айландырып коёт. Себеби, анын назарында адеп-ахлактын негизи пайда болуп, анын адеп-ахлагы пайдага карап өзгөрөт. Себеби, адам иллети көрсөтүлгөн өкүмдөрдү иллетинин негизинде аткарат. Алардын иллетти жоголгонун көргөн убакта, мындай өкүмдөрдүн бар экендигине жана аларды аткаруу зарыл экендигине итикад кылбайт.

Ошондуктан, адеп-ахлак иллеттенбейт жана аны иллеттөө таптакыр мүмкүн эмес. Адеп-ахлак ар кандай иллетке карабастан, Шариятта кандай болсо, ошондой бойдон алынат. Иллетинин жоголушу себептүү адам адеп-ахлакты өзүндө калыптандырууну токтотуп койбошу үчүн, аны иллеттөөката жана коркунучтуу.

Мына ушундан кийин, ибадаттардан көздөлгөн максат бир гана рухий кыймат экендиги, ал эми, адеп-ахлактан көздөлгөн максат бир гана ахлакый кыймат экендиги анык болот. Ибадат жана адеп-ахлак жаатында алардан көздөлгөн мына ушул кыйматка гана чектелүү керек. Ибадат жана адеп-ахлактагы пайда жана кызыкчылыктарды баян кылуу мүмкүн эмес. Себеби, бул баян ибадат жана адеп-ахлак үчүн коркунучтуу болуп, ибадат кылуучулардын жана адеп-ахлакты өзүндө калыптандыруучулардын мунафык болуп калышына себеп болот о.э.

ибадат жана ахлактын пайда жана кызыкчылыктары көрүнбөгөн убакта, аларды таштап кетүүгө алып барат.

Адамдардын өз ара мамилелериндеги иштерине тиешелүү шаръий өкүмдөргө келсек, аларга далил болуп келген айрым нусустар – иллетин өз ичине алган Бани Назирден түшкөн олжолорду ансарларга бербей, мухажирлерге берүү жөнүндөгү – Алла Тааланын ушул сөзү сыяктуу:

﴿ كَيۡ لَا يَكُونَ دُولَةَۢ بَيۡنَ ٱلۡأَغۡنِيَآءِ مِنكُمۡۚ ﴾

***«Силердин араңардагы байлардын гана колунда айланып калбашы үчүн».*** **[59:7]**

Айрым нусустар болсо, иллетти өз ичине албаган. Алла Таала айтат:

﴿ وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلۡبَيۡعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْۚ ﴾

***«Алла соодproperly адал кылды жана сүткордукту арам кылды».*** **[2:275]**

Нусус кайсы өкүмдөрдүн иллетин баян кылган болсо, ошол өкүмдөрдүн гана иллети көрсөтүлөт жана аларга кыясталат (салыштырылат), кайсы өкүмдөрдүн иллетин баян кылбаган болсо, алардын иллети эч качан көрсөтүлбөйт жана аларга кыясталбайт да. Тан алына турган иллет бир гана шаръий иллет т.а. Китеп жана Сүннөттөн турган шаръий нусус көрсөткөн иллет. Себеби, Китеп жана Сүннөт гана шаръий нусус болуп эсептелет. Ошондуктан, иллети баян кылынган шаръий өкүм негизделген иллет аклий эмес, шаръий иллет. Т.а. иллет нусуста же ачык, же далалатан, же истинбатан, же кыясан келген болушу керек. Бул иллет бар болууда жана жок болууда иллеттенген өкүм менен бирге болот т.а. иллеттенген өкүмдөр иллеттери менен ар дайым бирге жүрөт. Мисалы, бирер нерсеге кайсы бир абалда белгилүү бир шаръий иллет себептүү тыюу салынганын жана бул иллет кеткенде, ал нерсени кылуу мүмкүн болуп калганын көрөсүз. Демек, шаръий өкүм бар болууда жана жок болууда иллет менен бирге жүрөт. Т.а. иллет бар болсо өкүм да бар болот, иллет жок болсо өкүм да жок болот.

Бирок, иллет кеткени үчүн өкүмдүн бекер болушу өкүм өзгөрдү дегени эмес, балким, белгилүү бир маселенин шаръий өкүмү ошо-ошо бойдон калды, өзгөргөн жок, болгону, анын иллети кеткендиктен өкүм жоголгон болот, иллеттин кайта келиши менен өкүм да кайтып келет.

Өкүмдөрдүн бар болууда жана жок болууда иллет менен бирге болушу заман жана мекендин өзгөрүшү менен бул өкүмдөрдүн өзгөрүшүн билдирбейт. «Пайдаларды жүзөгө чыгаруу жана зыяндарды кайтаруу шаръий өкүмдөрдүн иллети болуп, алар заман жана мекендин өзгөрүшү менен өзгөрөт, алардын өзгөрүшүнө карап өкүм да өзгөрөт» деген сөз туура эмес. Себеби, пайдаларды жүзөгө чыгаруу жана зыяндарды кайтаруу шаръий өкүмдөр үчүн таптакыр иллет болбойт. Себеби, пайдаларды жүзөгө чыгаруу жана зыяндарды кайтаруу шаръий өкүмдөр

үчүн иллет экендигине, ал тургай, белгилүү бир өкүм үчүн да иллет экендигине далил боло турган бир да нусус келген эмес. Демек, алар шаръий далил болбойт.

Шаръий иллет бир гана шаръий нусус далалат кылган иллет болот. Ошондуктан, нусуска чектелүү жана анын далалаты чегинде токтоо зарыл. Нусус пайданы жүзөгө чыгарууга да, зыянды кайтарууга да далалат кылган эмес. Демек, шаръий иллет пайдаларды жүзөгө чыгаруу жана зыяндарды кайтаруу эмес, балким, нусус келтирген нерсе болот. Нусус алып келген бул нерсеге заман да, мекен да, бирер иш аракет да далалат кылган эмес. Ага өкүмдүн иллетин баян кылууда шаръий нусус далалат кылган. Нусус болсо таптакыр өзгөрбөйт. Демек, бул орунда пайданы жүзөгө чыгаруунун жана зыянды кайтаруунун о.э. замандын жана мекендин эч кандай этибары жок.

Ушуга караганда, шаръий өкүмдөр замандын жана мекендин өзгөрүшү менен өзгөрбөйт, балким, шаръий өкүм ошол-ошол бойдон калат, замандар жана мекендер өзгөрсө да, ал өзгөрбөйт.

О.э. адамдардагы үрп-адаттардын өзгөрүшү да өкүмдүн өзгөрүшүнө таасир этпейт. Себеби, үрп-адат өкүмгө иллет да, негиз да эмес. Үрп-адат шариятка тескери болушу же тескери болбошу мүмкүн. Эгер ал шариятка тескери болсо, шарият аны жоюу үчүн, өзгөртүү үчүн келген. Себеби, бузук үрп-адаттарды өзгөртүү шарияттын иши. Анткени, алар коомдун бузулушуна себеп болот. Ошондуктан, алар шаръий өкүмгө негиз да, иллет да кылып алынбайт жана шаръий өкүм аларга карап өзгөрбөйт. Эгер үрп-адат шариятка тескери болбосо, шаръий өкүм бул үрп-адат негизинде эмес, балким өзүнүн шаръий далили жана иллети негизинде орношот. Ушуга караганда, үрп-адат шарият үстүнөн өкүм чыгаруучу кылынбайт, балким, үрп-адаттар үстүнөн шарият өкүм чыгаруучу кылынат. Демек, шаръий өкүмдөрдүн далили нусус болуп, алардын шаръий иллети бар. Үрп-адат эч качан далил да, иллет да боло албайт.

Ал эми, исламий шарияттын бардык заман жана мекен үчүн жарактуу экендигине келсек, ал мындайча, исламий шарият адамдын бардык заман жана мекендердеги проблемаларын өз өкүмдөрү менен чечип берет. Ислам шарияты адам проблемалары канчалык жаңыланбасын жана ар түрдүү болбосун, алардын бардыгынын чечимин камтып алган. Себеби, ал адам проблемаларын чечип жаткан убакта – адамга адам деген көз караште карап – анын проблемаларын чечип берет. Ал эми, адам – бардык заманда жана бардык мекенде өзгөрбөс гарыйза, узвий хажаттарга ээ болгон адам. О.э. анын проблемаларын чечип бере турган өкүмдөр да өзгөрбөйт. Өзгөрүүчү нерсе адам турмушунун көрүнүштөрү. Бул болсо адамдын турмуш жөнүндөгү көз карашына таасир көрсөтпөйт. Ал эми, адамдын жаңыланып туруучу ар түрдүү талаптары ушул гарыйза жана узвий хажаттардан келип чыгат. Шарият бул жаңыланып туруучу жана ар түрдүү талаптардын көрүнүштөрү канчалык ар түрдүү жана

өзгөрүүчөн болбосун, алардын чечимин камтып алган. Бул болсо фикхтин өсүү себептеринин бири болду. Бирок, шарияттагы бул кеңири камтуучулук – шарият бардык нерсеге, ал нерсе шариятка тескери келсе да туура келе бере турган даражада ылайыкташуучу о.э. заман менен бирге өзгөрө турган даражада өсүүчү – дегени эмес. Балким, бул дегени, нусустар бир нече өкүмдөрдүн истинбатын өз ичине алган о.э. өкүмдөрдүн көп маселелерге туура келишин өз ичине алган дегени. Мисалы, Алла Таала айтат:

﴿ فَإِنْ أَرْضَعْنَ لَكُمْ فَـَٔاتُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ ﴾

***«Эгер*** *(талак кылган аялдарыңар)* ***силер үчүн*** *(бала)* ***эмизишсе*** *(т.а. өздөрүнүн силерден болгон балдарын эмизишсе),* ***анда, алардын*** *(эмизгендиктери үчүн)* ***акыларын бергиле».*** **[65:6]**

Бул аяттан «талак кылынган аял эмизүү акысын алууга акылуу» деген шаръий өкүм истинбат кылынат. Жана ушул аяттан «жалдануучу (келишим негизинде иштөөчү жумушчу) ким болушуна карабастан, ал өз ишин аткарса – атайын дайындалган жалдануучу болобу же жалпы жалдануучу болобу – эмгек акысын алууга акылуу» деген шаръий өкүм истинбат кылынат. Бул өкүм бир нече маселелерге туура келет. Алардын катарында өкмөт кызматчысы, завод жумушчусу, талаадагы дыйкан жана ушул сыяктуулар өз тапшырмаларын аткарышканда, иш акысын алууга акылуу. Себеби, алар атайын дайындалган жалдануучулар. Сандык жасаган жыгач уста, кийим тиккен тигүүчү, бут кийим ултаарыган уста жана башка ушул сыяктуулар да өз кызматын өтөгөндө, иш акысын алууга акылуу. Себеби, алар жалпы жалдануучулар. Жалдоо жалдоочу менен жалдануучунун ортосундагы келишим болгону себептүү, аким жалдоо өкүмүнө кирбейт. Себеби, ал Үммөт алдында жалдануучу эмес, балким, ал шаръий өкүмдөрдүн аткаруучусу т.а. Исламды турмушка колдонуучу. Ушуга караганда, халифа өз ишин аткарганы үчүн акы албайт. Себеби, ага шариятты ишке ашыруу жана исламий даъватты жаюу үчүн байъат берилген. Демек, ал Үммөт алдында жалдануучу эмес. О.э. аткаруу комитетинин мүчөлөрү (азои хайъат-ат-танфизий) жана валийлер да өз иштерин аткаргандыктары үчүн акы алышпайт. Себеби, алардын иштери өкүм жүргүзүү. Демек, алар жалдануучу эмес. Ошондуктан, алар акы алышпайт, балким, өздөрүнүн жекече иштерин кыла албай жатышкандыктары үчүн, алар үчүн муктаждыктарына жете турган каражат белгиленет.

Нусустардын бир нече өкүмдөр истинбат кылуу мүмкүнчүлүгүн бере турган мындайча кең камтуучулугу о.э. өкүмдөрдүн көп маселелерге туура келе турган мындайча кеңдиги, исламий шарияттын ар бир заман жана мекендеги бардык Үммөт жана муундарда учурай турган турмуш проблемаларынын бардыгын толук чечип беришин кепилдейт.

Шаръий өкүмдүн далили болгон нусус Китеп болсун же Сүннөт болсун, ал проблема чечими үчүн келген. Себеби, Шариъ нусустардын тышкы көрүнүшүнө эмес, маанилерине ээрчүүнү көздөгөн. Ошондуктан, өкүмдөрдү истинбат кылууда өкүмдүн иллет жагына көңүл бурулат т.а. нусустан өкүм истинбат кылынып жатканда нусустагы ташриъий (мыйзамчылык) жагына көңүл бурулат.

Далил өкүмдүн иллетин өз ичине алган болот, же иллет башка бир далилден, же далилдердин топтомунан алынат. Өкүм өз далилинен истинбат кылынса да, анда иллет жагы этибарга алынат. Ошол учурда пайда болгон проблеманы чечүү үчүн нусуста келген көрүнүшкө (суратуль-варид) каралбайт. Буга Алла Тааланын сөзү мисал болот:

﴿ وَأَعِدُّوا۟ لَهُم مَّا ٱسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ ٱلْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمْ ﴾

***«Аларга каршы мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч-кубат жана токулган аттарды даярдыкта кармагыла. Муну менен Алланын жана өзүңөрдүн душмандарыңарды коркууга саласыңар».*** **[8:60]**

Бул аяттагы өкүм – күч даярдоо. Пайда болгон проблема күч менен, алардын катарында, аттарды жихадга даярдоо менен чечилет. Бул өкүмдөгү иллет жагы – душманды коркууга салуу. Бүгүнкү күндө бул далилден күч даярдоо өкүмүн истинбат кылып жатканыбызда, өкүмдөгү иллет жагына көңүл буруп, душманды чындап эле коркууга сала турган нерселерди даярдайбыз. Ошол кездеги проблеманын чечими болгон жана нусуста келген «жихадга аттарды даярдоо» өкүмүнө көңүл бурбайбыз.

Өкүм истинбат кылынып жаткан ар бир далилге дал ушундайча жандашылат. Себеби, максат – өкүмдүн иллет жагын жүзөгө ашыруу. Ушуга караганда, исламий шарият адамдар ортосундагы мамилелерге тиешелүү болгон өкүмдөрдө өз иллеттерине негизделишин о.э. өкүмдөр истинбат кылынып жатканда нусуста келген көрүнөшкө эмес, балким ташриъий жагына көңүл бурулушун талап кылат.

Китеп жана Сүннөт өкүмгө шаръий далил болгондой эле, Ижма жана Кыяс да шаръий далилдерден болуп эсептелет. Ушуга негизделип, шаръий өкүмдөрдүн тафсилий шаръий далилдери: Китеп, Сүннөт, Ижма жана Кыяс. Ал эми, ижтихад маселелериндеги сахабийдин мазхабы шаръий далил болбойт. Себеби, сахабий да ижтихад ээлеринен болуп, андан каталык пайда болушу мүмкүн. Мунун үстүнө, сахабалар бир нече маселелерде кайчы пикирде болуп, алардын ар бири ижтихадда экинчисинин мазхабынан башкача жол туткан. Эгер сахабийдин мазхабы далил кылынса, Алланын далилдери ар түрдүү жана карама-каршы болуп калат. Ушул себептен улам, сахабийдин мазхабы шаръий далил болуп

эсептелбейт, балким, ал да башка улуу мазхабдар сыяктуу амал кылуу мүмкүн болгон мазхаб болуп эсептелет. Ал эми, сахабалар келишишкен өкүмдөр, алардын мазхабы эмес, ижма болот.

Ал эми, бизден мурунку үммөттөрдүн шарияты болсо, биз үчүн шарият болуп эсептелбейт жана ал шаръий далилдерден деп саналбайт. Исламий акыйда набийлердин жана элчилердин бардыгына жана аларга түшүрүлгөн китептерге ыйман келтирүүнү важиб кылса да, бирок, аларга ыйман келтирүүнүн мааниси – алардын набий жана элчи экендиктерин о.э. аларга түшүрүлгөн китептерди тастыктоо. Аларга ыйман келтирүүнүн мааниси аларга ээрчүү дегени эмес. Себеби, Мухаммад ﷺ пайгамбар кылып жиберилгенден кийин, бардык адамдардан өз диндерин таштап, Исламды кабыл алуу талап кылынган. Себеби, Ислам дининен башка диндин эч кандай диндик касиети калбаган. Алла Таала айтат:

﴿ إِنَّ ٱلدِّينَ عِندَ ٱللَّهِ ٱلۡإِسۡلَٰمُۗ ﴾

***«Албетте, Алланын алдында кабыл боло турган дин – Ислам гана».*** **[3:19]**

Алла дагы айтат:

﴿ وَمَن يَبۡتَغِ غَيۡرَ ٱلۡإِسۡلَٰمِ دِينًا فَلَن يُقۡبَلَ مِنۡهُ ﴾

***«Кимде-ким Исламдан башка динди кааласа, анда*** *(анын)* ***дини*** *(Алланын алдында)* ***эч качан кабыл алынбайт».*** **[3:85]**

Бул аяттардын мазмуну ачык-айкын. Булардан «Бизден мурунку үммөттөрдүн шарияты биз үчүн шарият эмес» коидасы истинбат кылынган. Мунун далили, сахабалардын Мухаммад ﷺ алып келген шарият мурунку өткөн бардык шарияттарды жоюучу экендигине ижма кылышканы. Себеби, Алла Таала айтат:

﴿ وَأَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ مُصَدِّقًا لِّمَا بَيۡنَ يَدَيۡهِ مِنَ ٱلۡكِتَٰبِ وَمُهَيۡمِنًا عَلَيۡهِۖ ﴾

***«Сага өзүңдөн мурдагы китептерди тастыктоочу жана алардын үстүндө өкүмдар болгон бул Китепти акыйкат менен түшүрдүк».*** **[5:48]**

Өткөн китептердин үстүнөн Курандын өкүмдарлыгы – анын өткөн шарияттарды жойгондугу. Анткени, Алла: *«Аларды тастыктоочу жана аларды жоюучу кылып түшүрдүк»* деп жатат. Пайгамбар ﷺдан риваят кылынат, Расулулла ﷺ Умар ибн Хаттабдын Тоороттун бир бөлүгүнө карап турганын көрүп ачуусу келди да: «**Мунун ордуна пакиза, таптаза Китепти алып келбедимби? Эгер боордошум Муса тирүү болгондо, мага гана ээрчимек**», - деди. Мындан тышкары, Каъбаны тооп кылуу, Хажарул-Асвадды сылоо жана өбүү, Сафа жана Марва аралыгында жүгүрүү сыяктуу ажылык ырасымдарынын көбү

Исламдан мурунку жахилият доорунда да болгон. Биз аларга амал кылып, алар боюнча ибадат кылып жатканыбызда, аларды мурунку шарияттын ырасымдары катары эмес, балким, исламий шарият өкүмдөрү катары аткарабыз. Себеби, Ислам бул ырасымдарды өткөн шарияттарды тан алып эмес, балким, жаңы шаръий өкүмдөр катары алып келди. О.э. өткөн бардык диндерде келген бардык өкүмдөрдү бүтүндөй таштап, бир гана ислам шарияты алып келген өкүмдөрдү аткарабыз. Ошондуктан, насроний жана яхудийлер ислам шариятына чакырылып, өз шарияттарын таштоого буйрулушкан. Себеби, Ислам алардын шариятын жойгон. Ислам шариятына ээрчүү жана өз динин таштоо өз шариятына моюн сунган яхудийлер менен насронийлерге важиб болгон соң, кантип мусулмандан мурункулардын шариятын өзүнө шарият кылып алуу талап кылынат? Ал эми, Алла Тааланын төмөндөгү сөзүнө келсек:

﴿ إِنَّآ أَوۡحَيۡنَآ إِلَيۡكَ كَمَآ أَوۡحَيۡنَآ إِلَىٰ نُوحٖ ﴾

***«Биз Нухка вахий жибергенибиз сыяктуу, сага да вахий жибердик»* [4:163]**

Бул аят Алла Таала башка пайгамбарларга вахий жибергени сыяктуу эле, Мухаммад ﷺга да вахий жибергенин билдирет. Алла Таала айтат:

﴿ شَرَعَ لَكُم مِّنَ ٱلدِّينِ مَا وَصَّىٰ بِهِۦ نُوحٗا ﴾

***«Алла силер үчүн динде Нухка осуят кылган нерсени шарият кылды».* [42:13]**

Мунун мааниси, Алла асл тавхидди т.а. Нух عليه السلامга буйруган нерсени силерге да түзүп берди. Алла Таала айтат:

﴿ ثُمَّ أَوۡحَيۡنَآ إِلَيۡكَ أَنِ ٱتَّبِعۡ مِلَّةَ إِبۡرَٰهِيمَ حَنِيفٗاۖ ﴾

***«Анан Биз сага «Ибрахимдин миллетине ээрчи», - деп вахий жибердик».* [16:123]**

Мунун мааниси, «асл тавхидге ээрчи» дегени. Себеби, «миллет» сөзүнүн мааниси – асл тавхид. Бул жана буга окшогон бардык аяттардан көздөлгөн максат – Пайгамбар ﷺ пайгамбарлардын биринчиси эмес экендигин, балким, ал зат да башкалар сыяктуу эле пайгамбар кылып жөнөтүлгөнүн жана асл тавхид бардык пайгамбар жана элчилер ортоктош болгон дин экендигин баян кылуу. Ал эми, тавхидден башкасында ар бир пайгамбар өзүнчө дин менен жөнөтүлгөн. Алла Таала айтат:

﴿ لِكُلّٖ جَعَلۡنَا مِنكُمۡ شِرۡعَةٗ وَمِنۡهَاجٗاۚ ﴾

***«Силерден ар бир үммөт үчүн өзүнчө шарият жана жол кылып койдук»* [5:48]**

Демек, бизден мурункулардын шарияты биз үчүн шарият эмес жана ал өкүмдөр истинбат кылына турган шаръий далилдерден болуп эсептелбейт.

Негизи, шаръий өкүмдөрдү истинбат кылуу мужтахиддерге тиешелүү иш. Себеби, белгилүү бир маселедеги Алланын өкүмүн билүү бир гана ижтихад менен болот. Ошондуктан, ижтихад зарыл. Усул аалымдары ижтихад мусулмандарга «фарзы кифая» деп баян кылышкан. Бирер доордун мужтахидсиз болушу мүмкүн эмес. Эгер бардык мусулмандар ижтихадды таштоого келишишсе, күнөөкөр болушат. Себеби, шаръий өкүмдөрдү билүүнүн жолу бир гана ижтихад. Эгер кайсы бир доор өкүмдөрдү билүүдө сүйөнүү мүмкүн боло турган мужтахидсиз калса, шариятка амал кылуунун токтоп калышына жана өкүмдөрдүн жоголуп кетишине алып барат. Бул болсо мүмкүн эмес. Бирок, ижтихаддын бир нече шарттары бар болуп, аларды усул аалымдары кеңири баян кылышкан. Ижтихад кеңири билим, нусустарды туура түшүнүү, араб тилин жетиштүү даражада билүү о.э. шаръий маселелерди билүү жана алардын далилдеринен кабардар болууга муктаж болот.

Ошондуктан, өкүмдү ойлонбостон, көңүл коюп карап чыкпастан алуу истинбат делбейт. О.э. кандайдыр бир «өкүм»дө пайда көрүнүп калып, кийин ушул өкүмдү истинбат кылуу үчүн нусустарга карата айла иштетүү жана алардан көздөлбөгөн нерселерди аларга жабыштыруу ижтихад делбейт. Балким, бул нерсе Алланын динине кол салууга батынуу болуп, буга кадам койгон киши Алланын азабына дуушар болот.

Туура, ижтихад эшиги ачык, бирок, илимсиз-наадандар үчүн эмес, аалымдар үчүн ачык. Мужтахиддер үч түрдүү болот: мужтахиди мутлак жана мужтахиди мазхаб – бул экөөнүн өзүнө тийиштүү шарттары бар. Үчүнчүсү болсо, мужтахиди масала б.а. бир гана маселенин мужтахиди болуп, ал нусусту түшүнүүгө, бир гана маселенин өзүн, анын далилин, ал жөнүндөгү мужтахиддердин далилин текшерүүгө кудурети жеткен адам. Бул болсо, Алланын өкүмүн билүүнү көздөгөн ар бир мусулман үчүн лаазым. Себеби, түпкүлүгүндө, Шарият көрсөтмөсү боюнча, мусулман шаръий өкүмдү далилден түздөн-түз өзү алышы керек т.а. өзүнө керек болгон маселелерде мужтахид болушу керек.

Бирок, мужтахиддердин мазхабдары жазылып, китеп кылынгандан кийин жана коидалар, өкүмдөр топтолгондон кийин, адамдарда ижтихадга умтулуу түшүнүгү суз тартып, мужтахиддер азайып кетти. Натыйжада, мусулмандарда таклид кылуу (ээрчүү) күчөдү жана ижтихад сейрек кездешчү көрүнүшкө айланып калды. Ал тургай, таклид түшүнүгү күчөп, ушундай бир даражага жетти дейсиз, «ижтихад эшиги жабылды жана таклид кылуу важиб болду» дей турган кишилер пайда болду. Ушул себептен улам, бардыгы болбосо да, мусулмандардын көпчүлүгү мукаллиддерге (таклид кылуучуларга) айланып калды.

Мукаллид эки түрдүү болот: муттабиъ жана аамий. Булардын ортосундагы айырма мындайча: муттабиъ мужтахиддердин бири истинбат кылган өкүмдү ошол мужтахид сүйөнгөн далилге канааттангандан кийин алат. Далилин билбей туруп ага ээрчибейт. Аамий болсо, далилин сүрүштүрбөстөн, шаръий өкүмдө мужтахидге таклид кылат. Муттабиъ аамийден көрө жакшыраак. Мурункулардын көпчүлүгү далилдерге көңүл бургандыктары үчүн муттабиъ болушкан. Төмөндөшүү доору келип, адамдардын муттабиъ болушу кыйындашкан соң, алар өкүмдөрдө имам жана мужтахиддерге далилин сүрүштүрбөстөн таклид кыла башташты. Аалымдардын бул нерселерге унчукпагандыктарынын себеби мындай, таклид кылуу – мукаллид муттабиъ болсо да, аамий болсо да – мүмкүн болгон иш. Бирок, негизи, мусулман өкүмдү далилинен өзү алышы керек. Бирок, анын таклид кылышы да мүмкүн жана муттабиъ болушу да мүмкүн т.а. өкүмдү жана анын далилин билип, ага канааттанышы мүмкүн. Мындай абал мусулманды – бир маселеде болсо да – ижтихад кылууга жарактуу кылат. Азыркы күндө бизге зарыл болгон нерсе ушул. Фатвалар бир маселедеги ижтихад бабынан эмес, себеби, алар ижтихад бабына кирбейт, балким, алар фикх тармагында китеп жазуунун эң тайыз ыкмасы. Мунун түшүндүрмөсү мындай, мужтахиддердин доорунан кийин, анын шакирттеринин жана шакирттердин шакирттеринин доору келди. Алар мазхабдын райларын кеңейтип түшүндүрүү, коидаларын баян кылуу, райларын тартиптөө менен алектеништи. Бул доор фикхтин гүлдөп-өскөн доору болду. Анда фикхтин түрдүү мазхабдардагы баалуу фикхий китептери жазылган. Бул китептер фикхий маселелерде кайрылына турган негизги булак болуп эсептелет. Мындай абал хижрий жетинчи кылымга чейин келди. Андан соң фикхий сенектик доору келди. Бул доор шархтар жана хошиялар жазуу доору болуп, алардын көпчүлүгү жаңылык киргизүүдөн, истинбат кылуудан, ал тургай, бир маселеде болсо да, ижтихад кылуудан узак болду. Мындан кийин дагы төмөндөшүү доору келди. Бул доордо аалымдар маселе жана өкүмдөрдүн вужух жана фуруъларын (т.а. алынып жаткан булактарын) келтирбестен, алардын өзүн келтирүү жолуна жүрүштү. Бул маселелер «фатвалар» деп аталды. Ошондуктан, бул фатваларды шаръий өкүмдөр үчүн булак кылып алуу туура болбогондой эле, аларды өкүмдөр үчүн да булак кылып алуу туура болбойт. Себеби, алар өкүмдөрдү истинбат кылуудагы ижтихад тарыйкатынан узак.

О.э. такнин (шаръий өкүмдөрдү батыш мыйзамдары көрүнүшүндө берүү) ыкмасында жазылган булактарды шаръий өкүмдөр үчүн булак жана негиз кылып алуу да мүмкүн эмес. Себеби, ал батыш мыйзамдарына ээрчүүнүн бир көрүнүшү. Бул такнин фикхти кыскача түрдө келтирет. Анда далилсиз же далили күчсүз фикхий маселелерди келтирүүлөр көп учурайт. О.э. фатва жана такнинде заманга ылайыкташуу,

проблемаларды чечүүдө Батыш көз карашына ылайык келүү үчүн бурмалоо руху үстөм. Кала берсе, аларда ташриъий жак да, ижтихад да жок. Ошондуктан, алар колдонууга жараксыз болгондой эле, булак болууга да жараксыз. Алардын болушунун өзү эле фикх жана ташриъ үчүн балээ болду. Себеби, алар ээрчиме урунуулар болуп, адамдардын исламий фикхке тийиштүү билимдерин суздаштырды. Негизи болсо, Исламий фикхтеги байлык абдан үлкөн болуп, ал бардык элдердеги фикхий байлыктардан көп. Бул фикхий байлык казы жана акимдер үчүн абдан зарыл. Бирок, бул байлыкты мыйзам түрүндө ээрчиме калыпта түзүү аны кыскартып, өчүрүп таштады жана казыларды – ушул мыйзамдардын өзүн эле билүүгө чектелгендиктери себептүү – фикхте илимсиз кылып койду. Мындан тышкары, бул мыйзамдарда мыйзамдык көрүнүш жок. Себеби, алар кээ бир фикхий тыянактардын топтому болуп, катар номерлер астында келтирилген. Аларда маселелерди чечүүдө колдонула турган жана беренелердин темасы боло турган жалпы коидаларды жаратууга аракет кылынбаган, балким, маселелердин өзү берене кылып коюлган. Бул болсо, мыйзам түзүү ыкмасына тескери. Ал тургай, коидалар жөнүндө келген кээ бир беренелер жалпы болбогон коидаларды баян кылган болуп, алар болгону фикх китептеринен көчүрүлгөн аныктамалар гана. Алардын бардыгы дээрлик ушундай ыкмада болгон. Ошондуктан, бул мыйзамдарды алуу жана булак кылуу мүмкүн эмес. Себеби, алардын ыкмасы жараксыз, маалыматтары тайыз жана алар тафсилий далилдерге таянган күчтүү шаръий өкүмдөрдөн алыс.

Казылар менен акимдердин конституция жана мыйзамдарды түшүнүүлөрүн камсыздоо үчүн о.э. мыйзамдарды түзүү үчүн мыйзамчылыкта төмөндөгүдөй жол тутулат:

1. Инсаний проблемалар үйрөнүлүп, алар үчүн куллий коидалар (жалпы жоболор) көрүнүшүндө, же куллий шаръий өкүмдөр көрүнүшүндө боло турган жалпы конституция түзүлөт. Бул коида жана өкүмдөр исламий фикхтен алынган болушу шарт т.а. алардын далилдерин билип, ошол далилдерге канааттануу менен мужтахиддердин биринин райынан алынышы шарт, же Китеп жана Сүннөт, Ижма жана Кыяс жолу менен алынышы шарт. Жузъий ижтихад болсо да т.а. бир маселедеги ижтихад болсо да, ал шаръий ижтихад менен болушу шарт. Ар бир беренедеги зарыл себептер жөнүндө, ушул берене таянган мазхаб же берене истинбат кылынган далил баса көрсөтүлүп өтүлөт. Мусулмандардагы жаман вакиъликке да, башка үммөттөрдүн вакиълигине да, Исламдан башка түзүмдөргө да таптакыр каралбайт.

2. Шаръий өкүмдөр, мазхаб жана далилди көрсөтүү менен, жогорудагы негизге ылайык, конституцияга ылайыкталып, жаза, укук, баййинат (күбөлүк) жана башка тармактарга тийиштүү мыйзамдар үчүн долбоор катары иштелип чыгат. Мунун шарты, казы жана акимдерге

фикхий булак болушу үчүн, берененин баяны жалпы жоболор көрүнүшүндөгү мыйзам түрүндө болушу керек.

3. Шаръий нусустар, исламий фикх жана усулу фикх илимдери казыларга жана акимдерге конституция жана мыйзамды чечмелөө үчүн булак кылып алынат, мына ошондо гана алар үчүн терең түшүнүүнүн шарттары түзүлөт.

Казы мамлекет табанний кылган шаръий өкүмдөргө тескери өкүм жүргүзүшү мүмкүн эмес. Себеби, имамдын буйругу тышкарыда да, ичкериде да ишке ашырылат. Ал эми, мамлекет өкүмүн табанний кылбаган маселелерде болсо, казы – кайсы бир мужтахиддин райы болсун, же өз ижтихады менен истинбат кылган райы болсун – маселеге ылайык деп тапкан шаръий өкүм менен өкүм чыгарат.

4. Өкүмдөрдү истинбат кылуу жана табанний кылуу убагында вакиъни түшүнүү, аны терең билүү жана дабалоодо зарыл болгон милдетти шаръий далил негизделген абалда түшүнүү т.а. ушул вакиъде аткарыла турган Алланын өкүмүн түшүнүү көздө тутулат. Андан кийин өкүм вакиъге карата колдонулат. Т.а. вакиъни үйрөнүү жана терең түшүнүү аркылуу Алланын өкүмүн үйрөнүүгө жетишилет.

Мамлекет, мусулман же мусулман эместигине карабастан, өзүнүн бардык жарандарына карата исламий шариятты ишке ашырат. Ал эми, кайрымусулмандар итикад жана ибадаттарда өз абалдарына таштап коюлат. Азык-түлүк жана кийинүү иштеринде жалпы түзүмдүн алкагында аларга өз диндерине ылайык мамиле кылынат. Үйлөнүү жана ажырашуу сыяктуу жекече абалдарга тиешелүү иштери алардын ортосунда өз диндерине ылайык ажырым кылынат. Ал эми, исламий шарияттагы калган иштер т.а. мамиле жана жаза өкүмдөрү, башкаруу түзүмү, экономикалык түзүм жана башкаларда бардыгына тегиз колдонулат. Ал эми, мусулмандарга карата болсо, Мамлекет исламий шариятты толук бойдон – ибадат, адеп-ахлак, мамиле, жаза жана башкаларды – ишке ашырат. Мамлекеттин милдети – Исламды толугу менен колдонуу болуп эсептелет, кайрымусулмандарга карата колдонуу болсо, аларды Исламга даъват кылуу деп эсептелет. Себеби, шарият бүткүл адамзат үчүн жалпы болуп, мамлекет аны өз өкүмү астындагы ар бир өлкөдө даъватты жаюу үчүн колдонот. Себеби, исламий фатхтардын сыры жалаң исламий даъватты жаюуда болгон.

Ислам – өзүнөн түзүм келип чыга турган акыйда. Бул түзүм тафсилий далилдерден истинбат кылынган шаръий өкүмдөрдөн турат. Ислам бул түзүмдүн өкүмдөрүн кандай ишке ашыруунун жолун шаръий өкүмдөр менен баян кылган. Кандай ишке ашырууну баян кылган шаръий өкүмдөр – тарыйкат, андан башкалары – фикрат болот. Демек, Ислам фикрат жана тарыйкаттан турат. Акыйда жана адам проблемаларын чече турган шаръий өкүмдөр – фикрат, бул чечимдерди ишке ашыруу, акыйданы сактоо жана даъватты жаюу жолун баян кыла турган шаръий өкүмдөр

болсо – тарыйкат. Ошондуктан, Ислам тарыйкаты Ислам фикратынын жынысынан жана ал Исламдын ажыралгыс бөлүгү болуп эсептелет. Себеби, Исламга даъват кылууда анын фикратын баян кылуунун өзүнө гана чектелүү мүмкүн эмес. Балким, даъват тарыйкатты да өз ичине алышы керек. Ошондуктан, мабда: фикрат жана тарыйкаттын бирикмесинен турат. Фикратка ыйман келтиргендей, тарыйкатка да ыйман келтирүү керек. Демек, тарыйкат менен фикрат бөлүнгүс бир бүтүн болушу керек жана бири-бирине ушунчалык бекем байланышы лаазым. Мунун натыйжасында, Исламий Фикратты ишке ашырууда жалаң Исламий Тарыйкат колдонулсун жана бул экөөнүн бирикмеси аны менен башкарыла турган жана ага даъват кылына турган Ислам болсун. Тарыйкат шариятта бар болгон соң, тарыйкат жаатында жалаң шарият алып келген жана анын нусустарынан истинбат кылынган өкүмдөргө гана чектелүү керек. Китеп жана Сүннөттө, фикраттын өкүмдөрү келгендей эле, тарыйкат өкүмдөрү да келген. Алла Тааланын ушул сөзү тарыйкат өкүмдөрүнөн:

﴿ وَإِمَّا تَخَافَنَّ مِن قَوْمٍ خِيَانَةً فَٱنۢبِذْ إِلَيْهِمْ عَلَىٰ سَوَآءٍ ﴾

***«Эгер кайсы бир коомдун келишимге кыянаттык кылганын сезсең, сен да келишимди буз».*** **[8:58]**

О.э. Расулулла ﷺдын төмөндөгү сөздөрү да тарыйкат өкүмдөрүнөн: «**Душманга жолугууну арзуу кылбагыла, эгер жолуксаңар, бекем-туруктуу болгула**». Ошентип, тарыйкаттын бардык өкүмдөрү да, башка өкүмдөр сыяктуу эле, Китеп, Сүннөт, Ижма жана Кыястан ижтихад жолу менен истинбат кылынат. Сүннөт Китепти баян кылуучу болуп, фикрат Китепте мужмал (кыскача, кеңейтилбестен), Сүннөттө муфассал (толугу менен, кеңейтилип) келген. Тарыйкат да Куранда мужмал, Сүннөттө муфассал келген. Ошондуктан, тарыйкат өкүмдөрүн Курандан алганыбыздай эле, саййидибиз Мухаммад عليه السلامды өзүбүз үчүн хидаят машъалы (факел) кылып, ал заттын сийратындагы иштеринен, сөздөрүнөн, унчукпагандыктарынан да алышыбыз керек. Себеби, булардын бардыгы шарият. Ушуну менен бирге, анын сийратын түшүнүүдө Хулафаи Рошидиндерди жана бардык сахабаларды өзүбүз үчүн өрнөк кылып алышыбыз керек о.э. шарият көрсөтмөлөрүнүн алкагында акылыбызды түшүнүү жана истинбат кылуу үчүн күчтүү курал кылып алышыбыз лаазым.

Ишке ашыруу жолун баян кыла турган шаръий өкүмдөр иш-амалдарга далалат кылат. Демек, ошол иштердин колдонууга тиешелүүсүн да, даъватты жаюуга тиешелүүсүн да аткаруу керек. Бул иштер васита (ыкма) эмес, себеби, васита ишти аткаруу убагында колдонула турган курал болуп, иштердин түрүнө карай ар түрдүү болот, шарттарга ылайык өзгөрөт жана аны иштин түрү белгилейт. Ошондуктан, васитада белгилүү

бир абалга чектелинбейт. Ал эми, тарыйкат далалат кылган иштер өзгөрбөйт, балким, алар нусустун көрсөтмөсүнө ылайык аткарылат. Шарият баян кылган иштен башка ишти аткаруу мүмкүн эмес. О.э. иш шаръий өкүм баян кылган орундан башка орунда аткарылбайт.

Тарыйкатка тийиштүү шаръий өкүмдөр далалат кылган бул иштерге көңүл коюп караган адам, алар сезилбей турган натыйжаны жүзөгө чыгара турган иштер эмес, балким, сезиле турган натыйжаларды жүзөгө чыгара турган материалдык иштер экенин көрөт, иштердин бул эки түрү бир кыйматты жүзөгө чыгарса да. Мисалы, дуба рухий кыйматты жүзөгө чыгара турган иш, жихад да рухий кыйматты жүзөгө чыгара турган материалдык иш. Бирок, дуба материалдык иш болсо да, сезилбей турган натыйжаны т.а. соопту жүзөгө чыгарат, дуба кылуучунун максаты рухий кыйматты жүзөгө чыгаруу болсо да. Жихад мындан башкача. Себеби, ал душмандар менен согушуу болуп, бул сезиле турган натыйжаны т.а. чеп же шаарды фатх кылуу, же душманды өлтүрүү жана ушул сыяктууларды жүзөгө чыгара турган материалдык иш, мужахиддин максаты рухий кыйматты жүзөгө чыгаруу болсо да. Демек, тарыйкат иштери материалдык иштер болуп, сезиле турган натыйжаларды жүзөгө чыгарат жана ал башка иштерден айырмаланып турат. Ошондуктан, мужахид Аллага дуба кылса да, дубанын өзүн жихад үчүн тарыйкат кылып албайт. Дал ушул сыңары, ууруга үгүт-насаат кылынса да, насааттын өзү ууруну кайтаруу үчүн тарыйкат кылып алынбайт. Алла Таала айтат:

﴿ وَقَٰتِلُوهُمۡ حَتَّىٰ لَا تَكُونَ فِتۡنَةٞ وَيَكُونَ ٱلدِّينُ كُلُّهُۥ لِلَّهِۚ ﴾

***«Бир да фитна** (ширк, динден адаштыруу) **калбай, бүткүл дин Алла үчүн гана болгонго чейин алар менен согушкула!».*** **[8:39]**

Алла Таала айтат:

﴿ وَٱلسَّارِقُ وَٱلسَّارِقَةُ فَٱقۡطَعُوٓاْ أَيۡدِيَهُمَا ﴾

***«Ууру эркектин да, ууру аялдын да колдорун кескиле».*** **[5:38]**

Ошондуктан, Ислам фикратын ишке ашыруудан көздөлө турган бардык иштер сезилбей турган натыйжаны жүзөгө чыгара турган иштерден болушу бүтүндөй кайтарылат жана бул Ислам тарыйкатына тескери деп эсептелет. Бул жерде, проблемаларды чечүүгө тиешелүү өкүмдөрдү ишке ашыруу үчүн иштетиле турган иштер менен, Исламий даъватты жаюу үчүн иштетиле турган иштердин ортосунда эч кандай айрыма жок. Мисалы, намаз фикраттан эсептелет жана аны ишке ашыруунун тарыйкаты – мамлекет. Ошондуктан, мамлекеттин адамдар намазды өтөөлөрү үчүн тарыйкат катары жалаң таалим, жолдонмо берүүнү гана колдонуусу туура эмес. Мамлекет таалим жана жолдонмо берүү менен бирге, намазды таштаганды камоо сыяктуу материалдык жаза менен да жазалашы керек. Исламий даъватты жаюу да ушуга

окшош. Себеби, ал да фикрат болуп, аны мамлекет тарабынан ишке ашыруунун тарыйкаты – жихад т.а. душмандар менен согушуу. Ошондуктан, мамлекет даъват алдындагы материалдык тоскоолдуктарды алып таштоодо «Сахихул Бухарий»ди окутууну колдонушу туура эмес, балким, жихадды т.а. душмандар менен материалдык көрүнүштө күрөшүүнү колдонушу зарыл. Бардык иштерге ушундай жандашылат.

Бирок, маалым болушу зарыл болгон нерсе, тарыйкатка далалат кылган иш сезиле турган натыйжага ээ болгон материалдык иш болсо да, бул иш Алланын буйрук-кайтарууларынын негизинде жүргүзүлүшү жана аны Алланын буйрук-кайтарууларынын негизинде жүргүзүүдөн Аланын ыраазылыгы көздөлүшү керек. О.э. мусулмандын зээнинде Алла Таалага байланыштуулукту билүү үстөм болушу зарыл. Ал ушуну менен Аллага Куран окуу, намазды аткаруу, дуба кылуу жана ушул сыяктуу иштер менен жакын болсун. Мусулман жеңиш Алла Таала тарабынан келет деп итикад кылышы лаазым. Ошондуктан, дилдерде Алланын өкүмдөрүн ишке ашыруу үчүн бекем орношкон таква болушу зарыл. Ушуну менен бирге, дуба кылуу, Алланы эстөө зарыл жана бардык иштерди аткаруу учурунда Алла менен үзгүлтүксүз түрдө байлануу зарыл.

Бул пикирлер тарыйкат жөнүндө, ал сөзсүз баш ийишибиз жана каршы чыкпашыбыз керек болгон Шаръий Өкүмдөр экендиги жөнүндө. О.э. бул пикирлер иштер жөнүндө жана алар сезиле турган натыйжаларды жүзөгө чыгара турган иштер экендиги жөнүндө. Ал эми, натыйжаларга жетүүдө болсо, амалий коидага ээрчүү керек. Иштин пикир үстүнө курулушу жана белгилүү бир максат үчүн болушу – амалий коида. Т.а. вакиъни сезүү сабик маалыматтар менен биргеликте пикирди пайда кылышы керек. Бул пикир иш менен бирге болушу, пикир жана иш белгилүү бир максат үчүн болушу жана алардын бардыгы ыйманга негизделген болушу керек. Ушуну менен адам ар дайым ыйманий мухитте жүрсүн. Ишти пикирден, же белгилүү бир максаттан, же ыймандан ажыратуу таптакыр мүмкүн эмес. Себеби, бул ажыратууда – ал канчалык аз болбосун – иштин өзүнө, иштин натыйжасына жана анын үзгүлтүксүздүгүнө коркунуч бар. Ошол себептен улам, ишке киришип жаткан ар бир адамга аны баштоо үчүн белгилүү бир максат түшүнүктүү жана айкын болушу керек. Сезүү логикасы (хиссий мантик) негиз болушу керек т.а. түшүнүү жана пикир жүргүзүү кыялый маселелер жөнүндөгү куру кыялдардан эмес, балким, сезүүдөн келип чыгышы керек жана вакиъни сезүү мээге таасир этип, сабик маалыматтар менен бирге мээнин аракетин б.а. пикирди пайда кылышы зарыл. Терең пикирлөөнү жана натыйжалуу ишти жүзөгө келтире турган ыкма ушул. Сезүү логикасы пикирий сезүүгө т.а. адамдагы пикир күчөтө турган сезүүгө алып барат. Ошондуктан, даъватты алып баруучулардын сезүүсү, даъватты терең түшүнгөндөрүнөн кийин, мурдагы сезүүлөрүнө караганда күчтүү болот.

Сезүүдөн пикирге эмес, түздөн-түз ишке өтүп кетүү коркунучтуу. Себеби бул нерсе, вакиъни өзгөртпөйт, балким, адамды артта калган аклиятта жашай турган жана вакиъни пикир жүргүзүүнүн орду эмес, пикир жүргүзүүнүн булагы кылып ала турган реалист жана реакционер адамга айландырып коёт. Ошондуктан, сезүү, биринчи пикирге алып барышы керек, андан соң, бул пикир ишке алып барышы керек. Бул ыкма вакиъден өйдө туруугa о.э. жакшы абалдарга революциялык түрдө көчүү үчүн иш алып барууга мүмкүндүк берет. Вакиъни сезип, ишке түздөн-түз кирише турган киши вакиъни өзгөртө албайт, балким, анын иши өзүн вакиъге ылайык калыптандыруу болуп калат. Натыйжада, ал артта калуу жана төмөндүк абалында калат. Вакиъни сезип, андан соң аны кандай өзгөртүүнүн жолу жөнүндө пикирлеп, кийин ушул пикир негизинде иш жүргүзө турган адам, вакиъни өз мабдасына ылайык калыптандырат жана аны бүтүндөй өзгөртөт. Бул ыкма исламий турмушту кайра баштоонун жападан-жалгыз тарыйкаты болгон революциялык тарыйкаттын дал өзү. Себеби, бул тарыйкат пикирдин сезүүдөн келип чыгышын жана бул пикир зээнде фикрат жана тарыйкаттын тунук болушун талап кылат. Натыйжада, адам мабданы туура түшүнүп жетет. Мындайча түшүнүү аны ишти кылууга алып барат, ал тургай, пикирде толук төңкөрүш жүзөгө келет. Ошондо ал жеке адамдар, коомдор жана чөйрөлөрдү ушул пикир менен даярдоого киришет. Ушуну менен мабда – анын фикрат жана тарыйкаты – жөнүндө жалпы аң-сезим пайда болгондон кийин, райи аammada (жалпы элдин райында) революция болсун. Ушундан кийин өкмөт аркылуу мабданы революциялык түрдө колдонууга киришилет, колдонууда эч кандай баскычма-баскыч көтөрүлүү, же болбосо, «жамачы салуу» кабыл алынбайт. Мына ушул революциялык тарыйкат пикирдин сезүүдөн келип чыгышын жана иш менен биригип, белгилүү бир анык максат үчүн болушун талап кылат. Буга бир гана терең пикир алып барат.

Бул терең пикир аны пайда кыла турган же өстүрүп байыта турган нерсеге муктаж болот. Революциялык тарыйкат жеке адамдарды жана коомду исламий мабда негизинде даярдоого муктаж болот. Бул терең пикирди пайда кылуу жана жеке адамдарды мабда негизинде даярдоо иш кылууну каалоочу кишилерден Исламды жана коомду үйрөнүүлөрүн талап кылат. Бул зээнди маалыматтар менен байытуу жолу менен гана ишке ашат. Пикирди пайда кылууга жардам бериши үчүн бул маалыматтарды зээнге жеткирүүнүн эң жеңил жана жакын жолу – бул үйрөнүү.

Үйрөнүүдө Исламдын өзүнүн өзгөчө тарыйкаты бар. Аны бекем кармоо бул үйрөнүүнүн жемишин берет. Бул тарыйкат мындай, маалыматтар амал кылуу үчүн үйрөнүлүшү керек жана үйрөнүүчү аларды пикирлеп, туйгуларга таасир көрсөтө ала турган сүрөттө кабыл алышы керек, ушуну менен анын жашоону жана жашоонун милдетин сезүүсү таасирдүү

пикирден келип чыккан сезүү болот. Ал тургай, ошол эле учурда, үйрөнүүчүдө кайраттуулук, каармандык, пикир жана бай билим пайда болот о.э. колдонуу табигый натыйжага айланат. Үйрөнүүдөгү бул тарыйкат үйрөнүүчүдө түшүнүүнү жана түшүнгөн нерселерин таасирдүү көрүнүштө жеткирүү жөндөмүн пайда кылуудан тышкары, бул тарыйкат пикирди кеңейтет, пикирди туйгу менен байланыштырат жана үйрөнүүчүгө турмуш проблемаларын чече турган акыйкаттарды үйрөтөт. Ошондуктан, үйрөнүүчү тирүү китепке окшоп калбашы үчүн, үйрөнүү курулай эле билим ашыруу үчүн болуп калбашы керек. О.э. жалаң үгүт-насаат жана жолдомолордон гана турган нерсе болуп калбашы да керек, болбосо, үйрөнүү ыйман ысыктыгынан узак болгон үстүртөн үйрөнүү болуп калат. Исламды үйрөнүүчү үйрөнүү жалаң гана билим жана үгүт-насааттардан турат деп эсептебеши керек, балким, үйрөнүүнүн билим жана үгүт-насаат эле болуп калышы иш-амал үчүн коркунучтуу жана ал андан чалгытуучу фактор деп эсептеши керек.

Иштен көздөлгөн максатка жетишүү үчүн, ал «Бул максатка жетишүү олуттуу түрдө, зор ынтаа менен аракет кылууну о.э. Ислам тапшырмалары менен биргеликте хизбий милдет талап кылган тапшырмаларды аткарууну талап кылат» деп түшүнүшү керек. Исламдын оң (фарз, мандуб) жана терс (харам, макрух) белгилүү бир тапшырмалары бар. Алар малиявий (каржылык), жасадий (денелик) жана нафсий тапшырмалардан турат. Бул тапшырмалардын кээ бирлери ар бир жеке адам үчүн фарз болсо, алардын айрымдары фарздардан башка болуп, аларды рухий жана аклый бийиктиктерге жетишкендер ыктыярдуу түрдө аткарышат. Алар Алла Таалага дагы да жакын болууну каалаган адамдар. Бул тапшырмаларды аткаруу максатка жетишүү үчүн өтө зарыл. Ошондуктан, фарз кылынган тапшырмалардын бардык (т.а. малиявий, жасадий жана нафсий) түрлөрүн аткарууга өзүн даярдоо жана мажбур кылуу керек. Ушуну менен максатка жетишүү үмүтү пайда болсун.

Иш натыйжалуу болушу үчүн, ал баштала турган жайды жана аны баштап бере турган жамаатты белгилеп алуу зарыл. Туура, Ислам бүткүл дүйнөлүк дин болуп, бүткүл адамзатка бирдей карайт жана бардык адамдарды тең деп санайт. Даъват чөйрөлөр, жерлер жана ушул сыяктуу нерселердин ар түрдүү болушуна көңүл бурбайт. Балким, бардык адамдарды даъватты кабыл алууга жарактуу деп эсептейт жана мусулмандарды бүткүл адамзатка бул даъватты жеткирүүгө милдеттүү деп санайт. Бирок, ушундай болушуна карабастан, Ислам ишти бүткүл дүйнө боюнча баштабайт. Себеби, ишти мындайча баштоо ийгиликсиз иш деп эсептелет жана эч кандай натыйжага алып барбайт. Балким, иш жеке адамдан башталып, бүткүл дүйнөдө аягына жетиши керек. Ошондуктан, даъват бекем орношкон жер «башталыш чекити» болушу үчүн, даъватты ошол жерде көтөрүп чыгуу керек. Андан соң даъват бекем орношкон ал же башка жерлер даъват өз жолунда аракет кыла

турган «аракет чекити» кылып алынат. Кийин бул же башка жерлер мамлекет курула турган «таяныч чекит» кылып алынат. Бул мамлекетте даъват бекем орношуп, өзүнүн табигый жолу – жихад жолуна түшүп алат. Бирок, жерлер ар бир чекиттеги иш орду кылып алынган болсо да, бирок, бир чекиттен экинчи чекитке көчүп жаткан нерсе жер эмес, даъват. Демек, даъват бир убакыттын өзүндө иш алып барылып жаткан бардык жерлерде көчүп жүрөт. Башталыш чекити болушу, андан соң жайылуу чекити жана таяныч чекити жүзөгө келиши үчүн, белгилүү бир жерди белгилеп алуу лаазым болсо да, бирок, бул үч чекиттин ар биринде жерди белгилөө адам өкүмдар болгон чөйрөгө кирбейт. Себеби, адам мындай мүмкүнчүлүккө ээ эмес жана ээ боло албайт дагы. Анткени, ал адамдын үстүнөн өкүмдар болгон чөйрөгө кирет. Адамдын милдети бир гана өзү өкүмдар болгон чөйрөдөгү иштерди гана аткаруу. Ал эми, башка чөйрөлөрдөгү иштер Алланын каалоосу жана казасына ылайык түрдө болот.

Зээнинде даъваттын биринчи учкуну пайда болгон о.э. даъватты көтөрүп чыгуу үчүн Алла даярдап койгон адам бар болгон жер башталыш чекит болуп белгиленет. Кээде бир нече адамдар бул сезимдерди сезишет, бирок, даъватты жоюу үчүн Алла даярдаган адамдын өзү жүзөгө чыкмайынча, анын кимдиги маалым болбойт. Ал бар жерде даъват башталат жана бул жер башталыш чекит болуп калат.

Ал эми, аракет (жайылуу) чекити коомдордун даярдыгына байланыштуу болот. Себеби коомдор пикирлер, туйгулар жана мыйзамдарда бири-биринен айырмаланат. Коом жарактуу жана чөйрө ылайыктуу болгон жер аракет чекити болот. Көбүнчө, башталыш чекити болгон жер, мейли зарыл болбосо да, аракет чекити болот. Себеби, аракет үчүн эң жарактуу жер – саясий жана экономикалык зордук-зомбулук күчөгөн о.э. динсиздик жана бузукулук кайнаган жер.

Таяныч (борборлошуу) чекити да, даъваттын коомдогу утугуна байланыштуу болот. Даъват өз коомуна таасир кылбаган жана өзү үчүн ылайык чөйрөнү пайда кыла албаган жер – мабданы жаюучулардын саны канчалык көп болбосун – таяныч чекити болуу үчүн жараксыз. Коом тарабынан фикрат жана тарыйкат өздөштүрүлүп алынган жана алар өкүмдар болгон жер – мабданы жаюучулардын санына карабастан – таяныч чекити болуу үчүн жарактуу.

Ошондуктан, даъватты жаюучулар даъватка даъватты жаюучулардын санына карап баа беришпесин. Мындай баа берүү ачык ката жана даъват үчүн коркунучтуу. Себеби, бул нерсе даъватты жаюучуларды коомдон жеке адамдарга буруп коёт жана мындай абал суздукка, балким, көп абалдарда ошол жердеги ийгиликсиздикке да себеп болот. Мунун сыры мындайча, коом – көпчүлүк ойлогондой – жеке адамдардан гана түзүлгөн эмес, балким, жеке адамдар жамаат бөлүктөрүнүн бири болуп, коомдо бул жеке адамдарды бириктирип турган башка бөлүктөр да бар. Булар:

пикирлер, туйгулар жана мыйзамдар. Ошондуктан, даъват пикирлер, туйгулар жана мыйзамдарды оңдоого каратылат. Бул даъват жамаий даъват болуп, ал жеке адамдарды эмес, коомду оңдоо үчүн алып барылат. Жеке адамдарды оңдоо болсо, алар коомго даъватты жаюучу жамаий уюмда мүчө болуулары үчүн алып барылат. Ошондуктан, даъваттын акыйкатын түшүнүп жеткен даъват жаюучу адамдар коомго даъватты жаюу үчүн коомдун өзүнө сүйөнүшөт жана алар «жеке адамды оңдоо менен коомду оңдоп болбойт, кала берсе, жеке адамды оңдоо анын өзүн дайымый-үзгүлтүксүз оңдошу мүмкүн эмес» деп билишет. Анткени, жеке адамды оңдоо коомду оңдоо менен гана ишке ашат. Демек, коом оңдолгондо гана жеке адам оңдолот. Ошондуктан, даъват коомго каратылышы керек о.э. коида-эреже төмөндөгүдөй болушу лаазым: «Коомду оңдосоң жеке адам оңдолот жана анын оңдолуусу үзгүлтүксүз болот».

Коомду чоң казандагы сууга окшотсо болот. Эгер анын астына же айланасына тоңдура турган нерсени койсоңуз, суу тоңуп, музга айланып бара берет. Ушул сырңары, коомго бузук мабдалар киргизилсе, ал бузукулукта катып калат жана төмөндөшүүдө, ойрон болууда жүрүп олтурат. Эгер коомго карама-каршы мабдалар киргизилсе, анда карама-каршылыктар пайда болуп, коом өз карама-каршылыгында жана туруксуздугунда адашып жүрө берет. Эгер казандын астына күйүп жаткан отту койсоңуз, суу ысыйт, андан соң кайнап, аракеттендирүүчү бууга айланат. Ушул сыңары, эгер коомго туура мабда киргизилсе, ал коомдогу жалынга айланып, анын ысыктыгы коомду кайнатып, кийин кыймылга келтирип жиберет. Натыйжада, коом мабданы колдонуп, даъватты башка коомдорго алып чыгат. Казандагы суунун өзгөрүшү алдын ала көрүнбөгөндөй, коомдун бир абалдан ага тескери болгон абалга өзгөрүшү т.а. анын бир абалдан башка бир абалга өтүшү көрүнбөсө да, бирок, коомду билүүчүлөр жана даъватты көтөрүп чыгып жаткандар, мабдаларынын күйгүзүүчү от жана жарык кылуучу нур экенине ишенүүчүлөр коом өзгөрүү абалында экенин жана тез арада кайноо даражасына жетип, андан соң албетте, аракет даражасына жетишин аябай жакшы билишет. Ошондуктан, алар коомго көңүл бурушат.

Ошондуктан, таяныч чекити болууга жарактуу жерди биз билбейбиз, себеби, ал бир гана даъваттын күчүнө эмес, коомдун даярдыгына да байланыштуу. Меккеде исламий даъват аябай күчтүү болгон. Мекке даъваттын башталыш чекити жана аракет чекити болууга жарактуу болуп, даъват ал жерден таркалган болсо да, бирок ошого карабастан, ал таяныч чекити болуу үчүн жарактуу болбоду. Балким, таяныч чекити Мадинада болду. Ошондуктан, Расулулла ﷺ Мадина коомуна канааттангандан кийин, ал жерге хижрат кылды жана ал жерде Мамлекетти курду. Бул Мамлекет даъваттын күчү менен Арабстан жарым

аралынын калган жерлерине, андан соң дүйнөнүн түрдүү жактарына кеңейди.

Мына ушундан биз айта алабыз, даъватты жаюучулар канчалык идиректүү жана окуяларды чече ала турган болушпасын, алар аракет чекити жана таяныч чекити болуу үчүн жарактуу жерди биле алышпайт, муну жалгыз Алла билет. Ошондуктан, даъватты жаюучулар бир гана нерсеге, Алла Таалага болгон ыйманга гана сүйөнүүлөрү керек жана алардын бардык иштери бир гана ушул ыйманга негизделген болушу лаазым. Алланын өзүнө болгон ыйман менен гана даъват ийгиликке жетишет.

Аллага болгон ыйман, Ага туура тобокел кылууну жана Андан гана жардам суроону талап кылат. Себеби, жалгыз Алла Таала гана сырды жана жашыруун нерселерди билет о.э. даъватты жаюучуларды ийгиликке жеткизет жана хидаят жолуна баштайт. Ошондуктан, ыйман күчтүү, Аллага тобокел кылуу толук, Андан жардам суроо үзгүлтүксүз болушу зарыл. Ыйман момундан мабдага ыйман келтирүүнү т.а. Исламга ыйман келтирүүнү талап кылат. Себеби, Ислам Алла Таала тарабынан жиберилген. О.э. бул ыйман эч бир шектенүү аралашпаган бекем, туруктуу ыйман болушу керек. Ага шектенүү кирип калышынын мүмкүндүгү да болбош керек. Себеби, мабда жөнүндөгү ар кандай шектенүү ийгиликсиздикке, балким, көбүнчө куфр жана күнөөкөрлүккө алып барат. Мындан Алланын Өзү сактасын.

Шектенүү аралашпаган бул сыяктуу күчтүү ыйман даъватты жаюучулар үчүн зарыл. Себеби, даъват өзүнүн туура жолунда тез жана чоң кадамдар менен жүрүшүнүн үзгүлтүксүздүгүнө кепил боло турган нерсе дал мына ушул ыйман. Бул ыйман даъват ачык болушун жана бардык нерсеге – адаттар, салттар, бузук пикирлер, ката түшүнүктөргө – каршы чыгууну, ал тургай, туура эмес болсо, райи ааммага каршы чыгууну талап кылат, мейли, райи аамма менен күрөшүүгө туура келсе да. О.э. акыйдалар жана диндерге каршы чыгууну талап кылат, мейли, бул дин өкүлдөрүнүн фанаттыгына туш келсе да. Ошондуктан, Исламий Акыйда үстүнө курулган даъват ачык-айкындуулук, тайманбастык, күчтүүлүк жана пикирдүүлүк менен өзгөчөлөнүп турат. Натыйжа жана абалдарга, жалпы элге туура келиш-келбешине, адамдардын аны кабыл алышына же аны кайтарып ага каршы күрөшүүлөрүнө карабастан, фикрат жана тарыйкатка тескери ар бир нерсеге каршы чыгышы менен жана алардын жасалмалыктарын ачып таштоо үчүн бетме-бет турушу менен айырмаланып турат. Ошондуктан, даъватты жаюучу адам элге кошоматчылык кылбайт жана жасакерленбейт. Коомдун жүгүн желкесине алган акимдер менен башкаларга эки жүздүүлүк кылып жакшы көрүнүүгө урунбайт, балким, мабдадан башка эч нерсени эсепке албай, жалаң гана мабданы бекем кармайт.

Бул ыйман сыядат (кожоюндук) жалаң гана мабдага т.а. жалаң гана Исламга берилишин жана Исламдан башка мабдаларды – алар канчалык көп жана ар түрдүү болсо да – куфр деп эсептелишин талап кылат. Алла Таала айтат:

﴿ إِنَّ ٱلدِّينَ عِندَ ٱللَّهِ ٱلۡإِسۡلَٰمُۗ ﴾

***«Албетте, Алланын алдында кабыл боло турган дин – Ислам гана».* [3:19]**

Исламга ыйман келтирбеген ар бир киши – Ислам назарында кафир. Ошондуктан, Исламий даъватты жаюучулар Исламдан башка дин же мабда ээлерине «Өз мабдаңар жана диниңерди бекем кармагыла» деши мүмкүн эмес, балким, Исламды кабыл алуулары үчүн аларды Исламга хикматтуу жана көркөм насаат менен даъват кылуулары лаазым. Себеби, даъват даъватты жаюучулардан сыядат жалгыз Исламдыкы болушу үчүн аракет кылууларын талап кылат. Мусулмандардын башкаларды өз дин жана итикадарында калтыруусу алардын динин тан алууну түшүндүрбөйт, балким, бул Алла Тааланын «*Динде мажбурлоо жок*» деген буйругуна моюн сунуу. Алла Тааланын бул буйругу адамдар өз итикад, дин жана ибадаттарында уюшкан абалда эмес, жекече абалда калууларын жана Ислам мамлекети ичинде башка бир субъект да бар болуп калбашын талап кылат. Ошондуктан, Исламга тескери негизге курулган, Исламдан тышкаркы саясий хизб же уюмдардын болушуна Ислам тыюу салат жана хизбдер менен уюмдар бир гана Ислам алкагында болушуна уруксат берет. Ошентип, мабдага болгон ыйман коомдо жалгыз мабданын өзүн өкүмдар кылууну жана башкаларды аны менен шерик кылбоону талап кылат.

Исламга ыйман келтирүү анын өкүмдөрүн жана мыйзамчылыгын түшүнүүдөн айырмаланат. Себеби, Исламга ыйман келтирүү акыл аркылуу, же негизи акыл менен далилденген жол аркылуу жүзөгө келген. Ошондуктан, бул ыйманга шектенүү кире албайт. Ал эми, Ислам өкүмдөрүн түшүнүү бир гана акылдын өзүнө байланыштуу эмес, балким, араб тилин билүүгө, истинбат кубатынын болушуна о.э. сахих хадистерди заифтеринен ажырата билүүгө байланыштуу болот. Ошондуктан, даъватты жаюучулар өкүмдөрдү түшүнүүлөрүн «туура түшүнүү, бирок, ката болушу мүмкүн», башкалардын түшүнүүлөрүн болсо, «ката түшүнүү, бирок, туура болушу мүмкүн» деп эсептөөлөрү лаазым. Ушуну менен, түшүнүүлөрүнө жана истинбаттарына ылайык Исламга жана анын өкүмдөрүнө даъват кылууга о.э. «ката, бирок туура болушу мүмкүн» деп эсептеген башкалардын түшүнүктөрүн «туура, бирок, ката болушу мүмкүн» деп эсептеген өз түшүнүктөрүнө айландырууга жетишишсин. Ошондуктан, даъватты жаюучулар өз түшүнүктөрү жөнүндө «бул Исламдын райы» деп айтуулары туура эмес. Балким, алар өз райлары

жөнүндө «бул исламий рай» деп айтуулары лаазым. Мазхаб ээлери болгон мужтахиддер өкүмдөрдү истинбат кылууларын «туура, бирок, ката болушу мүмкүн» деп эсептешкен. Алардын ар бири «сахих хадис бар болсо, хадиске тескери келген сөзүмдү таштагыла, анткени, ал менин мазхабым» дечү. О.э. даъватты жаюучулар өздөрү табанний кылган райларын же Исламдан деген көз караш менен жетип барган райларын «туура, бирок, ката болушу мүмкүн» болгон райлар деп эсептөөлөрү лаазым. Ушул эле учурда, алардын Исламга болгон ыйманы эч кандай шектенүү кирүүсү мүмкүн болбогон акыйда болот. Даъватты жаюучулардын өз түшүнүктөрүн мындайча эсептөөлөрүнүн себеби мындайча, даъват өз ээлеринин дилине эң жогорку чокуларга умтулуу уругун эгет. Алардан ар дайым акыйкатты издөөнү жана ар бир билген жана түшүнгөн нерселерин үзгүлтүксүз текшерип турууну талап кылат. Ушуну менен алар жат нерсе ага илешип калышынан аны таза сакташат о.э. жакын турса ага жабышып, анын бир бөлүгүнө айланып калышынын мүмкүндүгү болгон ар кандай нерселерден узак тутушат. Бул нерсе ар дайым түшүнүк туура жана пикир терең болушу үчүн, фикрат таза, тунуктугунда калышы үчүн зарыл. Себеби, фикраттын таза жана тунуктугуна карап, алардын даъватты алып баруулары жеңил болот. Себеби, фикраттын тазалыгы жана тарыйкаттын ачык-айкындыгы ийгиликтин жана анын үзгүлтүксүз болушунун кепили болот.

Бирок, акыйкатты мындайча текшерүү жана туурасын издөө алардын түшүнүктөрү шамалдын багытына карай өзгөрүүчөн болот деген маанини бербейт, тескерисинче, алардын түшүнүктөрү терең пикирден келип чыккандыгы үчүн өзгөрбөс түшүнүк болушу керек. Ошондуктан, бул түшүнүк башка ар кандай түшүнүккө караганда бекем. Ушуга караганда, даъватты жаюучулар даъваттарына жана түшүнүктөрүнө сак о.э. башкалар бул түшүнүктөрдөн аларды чалгытып жиберүүлөрүнөн этият болуулары керек. Бул чалгытуу даъват үчүн эң коркунучтуу нерсе. Ошондуктан, Алла Таала пайгамбары ﷺды андан эскертип айткан:

﴿ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَۖ ﴾

***«Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп, фитнага салып коюуларынан этият бол».*** **[5:49]**

Умар ибн Хаттаб казысы Шурайхка Алланын Китебине кароону дайындап, мындай деди: «Сени сөзү өтүмдүү, кадыр-барктуу адамдар Курандан буруп койбосун». Ошондуктан, даъватты жаюучулар кайсы бир калыс адам тарабынан айтылган Исламга тескери сөздөн, же даъватты кадырлоочу киши пайдалуу деген далил менен билдирген Исламга тескери райлардан этият болуулары керек. Мындай иштерден этият болушсун жана эч кимге мындай иш кылуу мүмкүнчүлүгүн беришпесин. Себеби, мындай иште ачык адашуу бар. Исламга болгон даъват менен

исламий турмушту кайра баштоого болгон даъваттын ортосун ажыратып алуу керек. О.э. Үммөт ичинде исламий уюм катары бир жамаат алып бара турган даъват менен Исламий Мамлекет алып бара турган даъваттын ортосун ажыратып алуу керек.

Исламга болгон даъват менен исламий турмушту кайра баштоого болгон даъваттын ортосун ажыратып алуу даъват умтулуп жаткан максатты билүү үчүн керек. Алардын ортосундагы айырма мындайча, Исламга болгон даъват кайрымусулмандарга алып чыгылып, алар Исламды кабыл алууга жана анын коргонуна кирүүгө даъват кылынат. Аларды даъват кылуунун иш жүзүндөгү тарыйкаты төмөндөгүчө: алар Ислам нурун көрүүлөрү үчүн Исламий Мамлекет тарабынан ислам өкүмдөрү негизинде башкарылышат жана Исламдын улуулугун билүүлөрү үчүн анын акыйда жана өкүмдөрү аларга баян кылынып, Исламга даъват кылынышат. Ошондуктан, Исламга болгон даъватты Исламий Мамлекет алып барышы керек.

Ал эми, Исламий турмушту кайра баштоого болгон даъватты жеке адамдар эмес, уюм алып барышы керек. Исламий турмушту кайра баштоого болгон даъват мындайча болот: адамдардын бардыгы мусулман болсо да, Ислам менен башкарылбай жаткан коом Исламдан башка коом болот жана ал «дарул куфр» деп атоого ылайыктуу. Ал жерде Исламды колдоно турган жана анын даъватын башкаларга алып бара турган Исламий Мамлекет тикелениши үчүн даъват алып барылат. Бул Исламий Мамлекет таптакыр жок болгондогу абал. Эгер Исламды толук колдонуп жаткан Исламий Мамлекет бар болсо, исламий болбогон коомдо ал дагы Исламий Мамлекеттин аймактарынын бири болушу үчүн даъват алып барылат. Мындан максат, ал да Исламий Мамлекет тарабынан Ислам менен башкарылышы жана анын исламий даъватты алып чыга турган бөлүктөрүнүн бири болушу. Ошондо ал да исламий коомго айланат жана аны «дарул-Ислам» деп атоо туура болот. Себеби, мусулмандардын «дарул куфр»да жашоосу мүмкүн эмес. Ал жашап турган «дарул-Ислам» «дарул куфр»га айланып калса, анда аны «дарул-Ислам» кылууга аракет кылышы керек, же бар болсо башка жактагы «дарул-Ислам»га көчүп өтүшү лаазым.

Исламий Үммөт ичиндеги кайсы бир жамаат алып бара турган даъват менен Исламий Мамлекет алып бара турган даъваттын ортосун ажыратып алуу даъватты алып баруучулар кыла турган иштин түрүн билүү үчүн керек. Алардын ортосундагы айырма мындайча, Исламий Мамлекет алып бара турган даъватта амалий жак көрүнүп турат. Мамлекет Исламды ичкериде толук жана жалпы көрүнүштө колдонот. Анткени, муну менен мусулмандар турмушта бактылуу болушсун жана Исламий Мамлекет саясында жашап жаткан кайрымусулмандар Ислам нурун көрүп, ага өз ыктыярлары менен ыраазы болуп, ток көңүл менен киришсин. Мамлекет бир гана үгүт жана Ислам өкүмдөрүн кеңейтип түшүндүрүү менен гана

эмес, балким, «коңшу өлкөлөрдү Ислам менен башкаруу – даъваттын амалий тарыйкаты» деген көз караш менен, аларды Ислам менен башкаруу максатында, Алла жолунда жихад кылуу үчүн күч даярдоо менен да даъватты тышкарыга алып чыгат. Расулулла ﷺ колдонгон, кийин Исламий Мамлекеттин акыркы күндөрүнө чейин халифалар колдонгон тарыйкат ушунун өзү. Ошондуктан, Мамлекет тарабынан ички жана тышкы саясатта даъватты алып баруу, даъваттагы амалий жак болот.

Ал эми, жамаат же уюм алып бара турган даъват пикирге тиешелүү иштер болуп, башка иштерди ишке ашырууга тиешеси жок. Ошондуктан, бул даъват амалий жакты эмес, пикирий жакты алып, Исламий Мамлекет жүзөгө келгенге чейин шарият мындай абалда белгилеп берген иштерди ишке ашырат. Мамлекет жүзөгө келген соң, даъватта амалий жак башталат. Ошондуктан, мусулмандарды даъват кылуу менен алектенип жаткан жамаат же уюм, аларды исламий турмушту кайра баштоолору үчүн Исламды түшүнүүгө даъват кылат жана күрөш талап кыла турган ыкма менен бул даъватты тосуп жаткандарга каршы күрөшөт.

Расулулла ﷺдын Меккедеги турмушу даъватты алып баруу үчүн үлгү кылып алынышы керек. Ага ылайык, Ислам белгилеген тапшырмаларды аткаруу менен бирге – Аркамдын үйүндө болгондой – Исламды үйрөнүү жана түшүнүү баскычы башталат. Андан соң, Исламды үйрөнүп, жакшы түшүнгөн чыныгы момундар Үммөт Исламды түшүнүп жетиши жана Исламий Мамлекеттин болушу зарылдыгын түшүнүшү үчүн, Үммөткө таасир өткөзүү баскычына өтүшөт. Уюм эң биринчи адамдардын бузук кылмыштарын эстетип, булардын айып экенин ашкере кылышы, алар менен ката түшүнүктөрү жөнүндө талкуулашып, бул нерселердин акмакчылык экендигин көрсөтүп бериши жана аларга Исламдын акыйкатын жана даъваттын түп маанисин баян кылып бериши керек. Мына ушуну менен адамдарда даъват жөнүндө райи аамма пайда болсун, даъват кишилери үммөттүн бир бөлүгүнө айлансын жана үммөт алар менен биргеликте, бөлүнгүс бир бүтүн болуп калсын. Ошондо үммөт бир бүтүн болуп, даъватты алып барып жаткан уюм жетекчилигинде натыйжалуу иш кылат. Ал тургай, алар биргеликте бийликти колго алып, Исламий Мамлекетти жүзөгө чыгарышат. Ошол убакта Расулулла ﷺдын Мадинадагы турмушу Исламды колдонууда жана Исламга даъват кылууда үлгү кылып алынат. Ошондуктан, даъватты алып барып жаткан исламий уюмдун амалий жактарга тиешеси болбойт, ал даъваттан башка нерсе менен алектенбейт жана башка иштердин кайсы бири менен алек болууну даъваттан чалгытуучу жана тосуучу нерсе деп эсептейт. Ушул сыяктуу иштер менен алек болуу таптакыр мүмкүн эмес. Расулулла ﷺ Меккеде Исламга даъват кылып жаткан убагында Мекке фиск-фужурга толо эле. Ошондой болсо да, аларды жоготуу үчүн эч нерсе кылбады.

Зулум кылуу, адилетсиздик, кембагалдык жана жакырчылык ачык көрүнүп турган болсо да, бул нерселерди жеңилдетүү үчүн бир да иш кылгандыгы риваят кылынган эмес. Каъбада болгонунда бут-санамдар (идол) башынын үстүндө кокоюп турар эле. Ошондо буттардын бирөөсүнө да кол тийгизгендиги риваят кылынган эмес. Ал зат ﷺ мушриктердин кудайларын айыптап, акылмандарынын акмактыгын көрсөтчү, иштеринин үстүрт, жасалма экендигин ашкере кылчу. Сөзгө жана пикирий жакка чектелчү. Бирок, анын колунда Мамлекет жүзөгө келип, Меккени фатх кылгандан кийин, ал буттардын, ошол фиск жана фужур, зулум жана адилетсиздик, кембагалдык жана жакырчылыктардын бирин да калтырбады.

Ошондуктан, уюм даъватты алып барып жатканда, уюм катары башка иштердин бирөөсүн да кылышы мүмкүн эмес. Уюм пикир жана даъваттын өзүнө чектелиши лаазым, бирок анын мүчөлөрү өздөрү кызыккан кайрымдуулук иштерин кылуудан кайтарылышпайт. Уюм болсо мындай ишти кылбайт. Себеби, анын иши даъватты алып баруу үчүн Мамлекетти куруудан турат.

Расулулла ﷺдын Меккедеги турмушун үлгү кылып алуу важиб болсо да, Мекке эли жана аларды Исламга даъват кылуу менен – азыркы мусулмандар жана аларды Исламий турмушту кайра баштоого даъват кылуунун ортосундагы айырма эсепке алынышы керек. Т.а. Расулулла ﷺ капырларды ыйманга даъват кылган эле. Ал эми, азыркы даъват мусулмандарды Исламды түшүнүүгө жана ага амал кылууга даъват кылуу. Ошондуктан, азыркы даъват жеңил жана оңой.

Ошондуктан, уюм өзү бирге жашап жаткан үммөттөн өзүн башка деп эсептебеши керек, балким, өзүн ушул үммөттүн бир бөлүгү деп эсептеши керек. Себеби, адамдар да алар сыяктуу мусулман. Уюм мүчөлөрү Исламды түшүнүп, ага амал кылып жатышкан болсо да, мусулмандардын эч кимисинен артык эмес. Бирок, алар мусулмандардын ичинде оор жүктү моюндарына алган о.э. Алланын алдында мусулмандарга кызмат кылуу жана Ислам үчүн аракет кылуу жоопкерчилигин көтөрүүдөгү милдети чоң болгон кишилер. Исламий уюмдун мүчөлөрү ушуну жакшы билүүлөрү керек, алар үммөт ичинде иш алып барып, андан ажырап калышса, өздөрүнүн саны канчалык көп болбосун, үммөтсүз алардын эч кандай кадыр-кыйматы жок. Ошондуктан, алардын эң зарыл тапшырмалары үммөт менен биригүү, күрөштө аны менен бир сапта туруу жана ишти алып баруучу үммөттүн өзү экендигин ага сездирип коюу. Уюм үммөттөн бөлүнүп калуу коркунучун туудура турган чоң-кичине иш же сөздөн алыс болушу керек. Себеби, мындай абал үммөттү уюмдан жана анын даъватынан алыстатат жана уюмду коомду ойгонуудан тосо турган чиеликтердин бирине айландырат. Үммөт бөлүнгүс бир бүтүндүк болуп, уюм Мамлекетти жүзөгө чыгаруу үчүн иш алып барат. Ал Үммөт жана

Мамлекет ичинде Исламга коргоочу болуп калат. Ал тургай, Үмметтөн четке ооп кетүүнү көрсө, анын ичинде ага ыйманын жана улуу Үммөт экенин эстетет. Эгер Мамлекеттен кыңырлыкты көрсө, Ислам буйруган иштер аркылуу аны оңдоодо Үммөт менен бирге аракет кылат. Ушул себептүү, уюм алып барып жаткан исламий даъват өзүнүн табигый жолунда өзгөчө бир көрүнүштө улантыла берет.

Демек, уюмдун максаты – Ислам өлкөлөрүндө исламий турмушту кайра баштоо жана исламий даъватты дүйнөгө жаюу. Ага алып бара турган тарыйкат болсо – бийлик (хукм). Бийликке жетүү тарыйкатынын бир бөлүгү болсо, Исламды үйрөнүү, аны терең түшүнүп жетүү о.э. Исламий шахсияны калыптандыруу үчүн исламий аклия менен исламий нафсияны пайда кылууга таасир кыла турган даражада адамдарды Ислам менен тарбиялоодон турат. Ушуну менен бирге, Исламды Үммөткө түшүндүрүү Үммөт кызыкчылыгынын (масолих) акыйкатын жана Ислам аларды чечип, ишке ашырууну да кепилдешин о.э. үммөт кызыкчылыгын табанний кылганын Үммөткө түшүндүрүү үчүн Үммөткө таасир өткөзүү да бийликке алып бара турган тарыйкаттын бир бөлүгү болуп эсептелет. Ушуга ылайык, Үммөткө таасир өткөзүү жана даъват жолунда күрөшүү менен бир убакытта, үйрөнүү да токтобошу керек. Хизбий уюмдун бул иши саясий иш. Ошондуктан, бул уюмда көзгө көрүнгөн жак саясий жак болушу зарыл. Себеби, бул Исламга даъват кылуу баштала турган эң биринчи амалий жол. Бул болсо, жалаң саясатка же бир гана бийликтин өзүнө даъват кылууну түшүндүрбөйт, балким, Исламга даъват кылууну жана Исламды турмушта колдоно турган о.э. даъватты алып бара турган Исламий Мамлекетти жүзөгө чыгаруу үчүн толук абалдагы бийликке жетишүү жолунда саясий күрөшкө даъват кылууну түшүндүрөт. Ошондуктан, Исламий даъватты алып баруучу уюм саясий уюм болушу керек. Ал рухий уюм, ахлакый уюм, илимий уюм, таалимий уюм жана ушул сыяктуу уюмдардан болбошу керек, балким, саясий уюм болушу важиб. Ушуга негизделип, Хизбут-Тахрир Исламий Хизб болуу менен бирге саясий хизб дагы. Ал саясат менен алектенет, саясий жак даана көрүнө турган Исламий сакофат менен Үммөттү тарбиялоо үчүн иш алып барат. Ал колонизаторлор менен анын малайларынын студент жана кызматчыларды саясаттан тосушун о.э. жалпы элди саясаттан алыстатууга аракет кылышын катуу кайтарат. Адамдар саясаттан терең кабардар болушу жана аларда саясий тарбия даана көзгө көрүнүп турушу зарыл деп билет. Ислам саясатты өз ичине алышын о.э. Исламдагы саясий мыйзамдар тигил-бул нерселерден тургандыгын баян кылууну саясий иш деп санабайт. Балким, саясат – бул үммөттүн бардык ички жана тышкы иштерин башкаруу жана аларды бир гана исламий негизде жүргүзүү, бул нерселердин Мамлекет тарабынан жана Мамлекетти тергей турган Үммөт тарабынан болушу. Бул иштер ишке ашышы үчүн Хизб Үммөт ичинде жана бийликте бул иштерди колго алышы зарыл.

Ошондуктан, Хизб Исламга даъват кылууну кең көлөмдө алып барат жана Үммөткө турмуш проблемаларын чечип бере турган шаръий өкүмдөрдү айкын кылып берет, бир гана Ислам менен өкүм жүргүзүү үчүн иш алып барат, колонизатор кафирге каршы, аны түп-тамыры менен жулуп таштоо үчүн күрөшөт, колонизаторлордун малайларына каршы аёосуз күрөш алып барат, алар колонизаторлуктун пикирий жетекчилигин жана мабдаларын таркатып жаткан болобу, же анын саясатын жана пикирлерин кабыл алып жаткан болобу, мунун айрымасы жок.

Ислам даъватын жаюу жана бул жолдо саясий күрөш алып баруу Хизб өзүнө мажал кылып белгилеген коомдо болот. Хизбут-Тахрир бүткүл Ислам дүйнөсүндөгү коомду бир коом деп эсептейт. Себеби, анын бардык маселеси бир, ал Ислам маселеси. Бирок, Хизб араб өлкөлөрүн исламий өлкөлөрдүн бир бөлүгү катары башталгыч чекит кылып белгилейт. Хизб Улуу Исламий Мамлекеттин өнүп чыга турган уругу катары араб өлкөлөрүндө Исламий Мамлекеттин жүзөгө чыгышын бул жолдогу табигый кадам деп билет.

Ислам дүйнөсүндөгү коом өтө жаман саясий абалда болуп, ал батыш мамлекеттери тарабынан бүтүндөй колония кылынган. Анда эгемендүүлүк белгилери көрүнүп жатканына карабастан, дагы деле колония болуп келүүдө. Ал капиталисттик, демократиялык пикирий жетекчиликке толук моюн сунган. Ага башкаруу жана саясатта демократиялык түзүмдөр, экономикада болсо капиталисттик түзүм колдонулуп жатат. Аскердик тармакта курал-жарак, аскердик даярдык жана башка аскердик техникаларда анын тизгини чет элдиктер колунда, тышкы саясатта да, аны колония кылып турган чет элдик саясатка көз каранды. Ошондуктан, Ислам өлкөлөрү дагы деле көз каранды болуп, бул өлкөлөрдө колонизаторлук али да орношуп турат деп айта алабыз. Анткени, колонизаторлук – бул күчсүз элдерден өз пайдасы жолунда пайдалануу үчүн аларга аскердик, саясий, экономикалык жана сакофий өкүмдарлыкты орнотуу. Ал өзүнүн пикирий жетекчилигин мажбурлоо жана бул жетекчиликтин турмуш жөнүндөгү көз карашын орнотуу үчүн бардык күчтөрдү ишке салууда. Колонизаторлуктун түрдүү көрүнүштөрү: жеңилген мамлекетти жеңген мамлекеттин өз жерлерине кошуп алууу, колонияларды пайда кылууну жана кара күчкө эле эгемендүү, ал эми, иш жүзүндө болсо, колонизатор мамлекетке моюн сунган өкмөттөрдү тикелөө ж.б. Исламий өлкөлөрдөгү вакиъ ушундай. Себеби, алардын бардыгы батыш өкүмдарлыгына моюн сунуп, сакофат берүү тармагында батыш колонизаторлугунун программаларына ылайык аракет кылууда. Ислам өлкөлөрү батыш колонизаторлугуна моюн сунушу менен бир катарда, орус колонизаторлугунун да болжолунда турат. Себеби, Орусия бул өлкөлөрдө өзүнүн малайларынын жардамында – коммунисттик акыйданы адамдар кабыл алуулары үчүн – коммунисттик мабдага даъват

кылуу аркылуу өзүнүн пикирий жетекчилигин жана турмуш жөнүндөгү көз карашын өкүмдар кылуу максатында иш алып барууда.

Ошондуктан, Ислам өлкөлөрү – батыш мамлекеттеринин колонизаторлугу, башка пикирий жетекчиликтер үчүн сахна. О.э. Орусиянын көз арткан жана чабуул кылып басып алууну болжогон жери. Бирок, бул чабуулдан максат, бул өлкөлөрдү колония кылуу эле эмес, балким, аларды исламий өлкөлөрдөн коммунисттик өлкөлөргө айландыруу жана бүткүл коомду Исламдын изи да калбай турган коммунисттик коомго айландыруу.

Демек, саясий иш-аракет чет элдик пикирий жетекчиликтерге каршы күрөшүү аркылуу үстүбүздө турган колонизаторлукка каршы күрөшүү үчүн о.э. өлкөлөрүбүздү болжоп жаткан чет элдик кол салуу коркунучунан сактанууга аракет кылуу үчүн алып барылышы лаазым. Ал эми, орус кол салуусунун коркунучу бар болсо да, саясий жактан азырынча сезилерлик даражада эмес. Бул коркунуч коммунисттик пикирий жетекчиликти бул өлкөлөрдө таркатып жаткан жана батыш колонизаторлугу тарабынан бизге жетип жаткан саясий жана экономикалык зулумдан ушул пикирий жетекчиликти орнотуу максатында пайдаланып жаткан үгүтчүлөргө чектелген. Ошондуктан, батыш колонизаторлугуна каршы күрөшүү орус чабуулу коркунучуна каршы күрөшкө алып барат. Исламий даъватты туура көрүнүштө көтөрүп чыгуу болсо, чет элдик пикирий жетекчиликтердин коркунучуна каршы күрөшөт. Демек, батыш колонизаторлугуна каршы күрөш саясий күрөштүн эң орчундуу жагы болушу керек.

Саясий күрөш чет элдиктерден – алар ким болушуна карабастан, жана кайсы тармакта болбосун – жардам сурабоону талап кылат. Ар кандай чет элдиктен суралган саясий жардам жана чет элдикти колдоп-кубаттоо Үммөткө карата кыянат болуп эсептелет. О.э. саясий күрөш Ислам дүйнөсүндө ички жакты (өзүн) туура сүрөттө тикелөө үчүн аракет кылууну талап кылат. Мына ушуну менен, ал өзгөчөлөнгөн өздүккө жана эң жогорку деңгээлдеги коомго ээ болгон бүткүл дүйнөлүк күчкө айланат. Бул күч бүткүл дүйнөгө Исламий даъватты жаюу жана дүйнө жетекчилигин өз колуна алуу максатында эки лагерден тең демилгени тартып алуу үчүн аракет кылат. Саясий күрөш, ушуну менен бирге, батыш түзүмү менен мыйзамдарына, колонизаторлуктун бардык көрүнүштөрүнө каршы күрөштү талап кылат. О.э. батыштын ар түрдүү илимий, акча-каражаттык же саясий долбоорлорун, айрыкча, Британия менен Америка долбоорлорун кайтарып жиберүүнү талап кылат. О.э. батыш дүйнө карашын бүтүндөй ыргытып таштоону талап кылат. Бирок, бул нерсе маданий көрүнүштөрдү таштоо дегени эмес, себеби, маданият илим жана өнөржайдан келип чыккан болсо, алынышы керек. Ушуну менен бирге, саясий көрүнүш чет элдик пикирий жетекчиликти түп-тамыры менен сууруп таштоону жана исламий көз карашка тескери

болгон чет элдик сакофаттарды ыргытып таштоону талап кылат. Бул илимди ыргытып таштоону түшүндүрбөйт, себеби, илим бүткүл дүйнөлүк болуп, кайсыл тараптан болсо да, алынышы керек. Анткени, илим турмуштагы материалдык өнүгүүнүн эң маанилүү факторлорунун бири болуп эсептелет.

Саясий күрөш бизден төмөндөгүлөрдү билүүбүздү талап кылат:

• Батыш колонизаторлору, айрыкча, британиялыктар менен америкалыктар өз таасири астында болгон ар бир өлкөдө наадан адамдарга, өз саясаттарын жана пикирий жетекчиликтерин колдоп-кубаттоочуларга о.э. өкүмдар топтордон болгон өз малайларына жардам берүүгө сүйөнүшөт;

• Бул исламий кыймылды токтотуу үчүн ар түрдүү өлкөлөрдөгү малайларына жардам берүүгө шашылышат;

• Аны жок кылуу үчүн аларды акча жана башка зарыл болгон колдонмолор менен камсыздашат;

• Колонизаторлор өз малайлары менен биргеликте, бул «Исламий Боштондук Кыймылы»на каршы үгүттөө байрагын көтөрүп чыгып, аны ар түрдүү дооматтар менен айыпташат.

Мисалы, «бул кыймыл колонизаторлорго жалданган», «ички фитналарды козгоочу», «бүткүл дүйнөнү мусулмандарга душман кылып коюучу», «бул кыймыл Исламга тескери» ж.б.у.с. дооматтар менен айыпташат. Ошондуктан, күрөшүүчүлөр колонизаторлуктун саясатын жана ыкмаларын жакшы түшүнгөн болуулары керек. Анткени, мына ушуну менен алардын ички жана тышкы колонизаторлук пландары өз убагында ашкере кылынат. Себеби, колонизаторлуктун пландарын өз убагында ашкере кылуу саясий күрөштүн эң маанилүү түрлөрүнүн бири болуп эсептелет.

Ошондуктан, Хизбут-Тахрир исламий өлкөлөрдү колонизаторлуктун бардык түрлөрүнөн куткаруу үчүн иш алып барат. Ал колонизаторлукка каршы тынымсыз күрөш алып барат. Бирок, ал бир гана колонизаторлуктун чыгып кетишин жана жасалма эркиндикти талап кылбайт, балким, колонизатор кафир орноткон бардык көрүнүштөрдү түп-тамыры менен сууруп таштоо үчүн аскердик, пикирий, сакофий, экономикалык же башка баскынчылыктардан исламий өлкөлөрдү, билим булактарын жана пикирлерди куткаруу аркылуу иш алып барат. Бүткүл дүйнөгө Ислам рисалатын алып бара турган Исламий Мамлекетти жүзөгө чыгаруу аркылуу исламий турмушту кайра баштоо үчүн, Хизб колонизаторлуктун ар кандай көрүнүштөрүн коргоочуларга каршы күрөшөт. Бул үлкөн милдеттерди өтөө үчүн Алладан Өз жардамы менен бизге жардам беришин сурап, Ага жалынабыз. Алла угуучу жана дубаларды кабыл алуучу.

# Хизбут-Тахрир

Хизбут-Тахрир саясий хизб болуп, анын мабдасы – Ислам, максаты – Ислам мыйзамдарын ишке ашыра турган жана бүткүл дүйнөгө анын даъватын алып чыга турган Исламий Мамлекетти тикелөө аркылуу исламий турмушту кайра баштоо.

Бул хизб хизбий сакофатты даярдап, ага турмуш иштери жөнүндөгү Исламий өкүмдөрдү киргизди.

Хизб адам баласынын саясий, экономикалык, сакофий, ижтимаий ж.б. проблемаларынын бардыгын чечип бере турган түзүмдөр келип чыга турган пикирий жетекчилик катары Исламга даъват кылат. Ал саясий хизб болуп, мүчөлүгүнө эркектерди кабыл алгандай эле, аялдарды да кабыл алат. Бардык адамдарды Исламга, анын түшүнүктөрүн жана түзүмдөрүн кабыл алууга даъват кылат. Алардын улуту жана мазхабы кандай болушуна карабастан, аларга Ислам назары менен карайт.

Ал өз максатына жетишүү үчүн Үммөткө таасир өткөзүп, аны менен биригүүгө сүйөнөт. Үммөттү колонизаторлуктун пикирий жетекчилигинен куткаруу, анын сакофий, саясий, аскердик, экономикалык жана башка тамырларын исламий өлкөлөрдүн топурагынан жулуп таштоо жана колонизаторлук «Ислам ибадат жана ахлактан турат» деп тараткан чие түшүнүктөрүн өзгөртүү үчүн, колонизаторлуктун бардык көрүнүштөрүнө жана аталыштарына каршы күрөшөт.